Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

келечек

ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги программалык кеңсеси

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШТАРДЫН БАКУБАТЧЫЛЫГЫНЫН ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮНҮН ИНДЕКСИ

**2022-ЖЫЛ**



# Мазмуну


| | |
|---|---|
| МЕТОДОЛОГИЯ | 5 |
| ЖБӨИнин ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ | 6 |
| 1. ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (КООМДУК–САЯСИЙ ИШМЕРДИК) | 8 |
| 2. ЭКОНОМИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР | 15 |
| 3. БИЛИМ БЕРҮҮ | 22 |
| 4. МАДАНИЯТ | 27 |
| 5. ДЕН СООЛУК | 32 |
| 6. МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР | 38 |
| 7. КООПСУЗДУК ЖАНА КОРГОЛГОНДУК | 42 |
| 8. ҮЙ-БҮЛӨ | 45 |
| 9. ЭКОЛОГИЯ | 50 |
| СУНУШТАР | 55 |



Жаштар саясатына байланыштуу мамлекетибизде өтүп жаткан ар-бир иш-чараларнын негизги максаты-жаштарды бардык тармакта эркин өстүрүү, өнүктүрүү, сапатын жогорулатуууга шарт түзүү болуп эсептелинет.

Жаштар багытында ар тармактагы ири иш-чараларды мамлекетибиздин, улутубуздун руханий жактан өсүп-өнүгүүсү, баалуулуктардын өзгөрүүсү, мекенди, элди-жерди сүйүүгө үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган багытта ырааттуу иштерди жүргүзүү болуп саналат.

Учурда жаштардын ар-тараптуу өнүгүүсүнө карата өткөрүлүп жаткан көптөгөн иш-чаралардын негизги максаты-коомубуздун бардык тармагында учурдун талабына ылайык, элин-жерин, табиятын сүйүү, жаңы муунду тарбиялоо, стимул түзүү, жаш муунга мотивация берүү, жаңы технологиялык багыттарды туруктуу өздөштүрүүгө, башкаруучулук багытында жаңы ыкмаларды пайдалануу, менеджерлерди өстүрүп чыгаруу иштери колго алынып, алгылыктуу аракеттер жүргүзүлүп жатат.

«Жаштардын бакубаттуулугу жана өнүгүү индекси» улуттук изилдөө көйгөйлөрдүү аныктоого зор салымын кошуп, аталган көйгөйлөрдү чечүү жолдорун издөөгө көмөк көрсөтүүчү аспап.

Мамлекет коомдук уюмдар, жаш активистер жана башка кызыктар тараптар менен биргеликте аталган ишти алып барып, жакшы жыйынтыктарга жетүүгө кызыктар.

**Максутов Алтынбек Аскарович**
**Кыргыз Республикасынын**
**Маданият, маалымат, спорт**
**жана жаштар саясаты министри**



Кыргыз Республикасын Жаштар саясатын стратегиялык өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү максаттарына жетишүү, биринчи кезекте бүтүндөй өлкөнүн аймагында жарандардын жашоо-турмушун жакшыртуу менен тыгыз байланышкан. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин бирден бир негизги максаты болуп жаштардын өнүгүүсүнө шарт түзүп берүү болуп саналат. Аталган багытка салым кошуу үчүн, мамлекет жаштар чөйрөсүндө кандай көйгөйлөр бар экендигин аныктоо зарыл. Көйгөйлөрдү так билүү аркылуу гана маселелерди толук кандуу чечүүгө чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Ал үчүн бүгүн жалпы улуттук изилдөө жүргүзүлдү.

«Жаштардын бакубаттуулугу жана өнүгүү индекси» улуттук изилдөөнүн максаты - Кыргыз Республикасында жаштар саясатын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо, жаштарга карата республикалык жана жергиликтүү деңгээлде кабыл алынган чечимдердин сапатын жогорулатуу болуп эсептелинет.

Бул күнгө чейин изилдөөнүн жыйынтыктары практикада колдонууда жана талдоодо өзүнүн жогорку натыйжалуулугун көрсөттү. Ошону менен бирге, аймактарда жаштар саясатын мындан ары дагы өнүктүрүүнүн зарылдыгын так аныктады.

Министрлик тарабынан Кыргыз Республикасында жаштар саясатын туруктуу жүргүзүүгө чоң түрткү бере турган улуттук изилдөөнү мындан ары дагы өнүктүрүү иштери жүргүзүлөт.

Мамлекетибиз жаш муундун бакубат өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү менен баардык иш-аракеттерди жасап келе жатат. Ал эми жаш муундун өзгөрүүсү өзүнүн аракетинен, демилгелүүлүгүнөн көз каранды. Бактылуу жашоонун жана ар тараптан камсыздалган келечектин негизги өзөгүн кыялдануу, коюлган максатка умтулуу жана туура амбиция түзөт.

Мамлекеттин эртеңки келечеги жаштардын колунда жана бул чындыкты ар дайым эстен чыгарбообуз зарыл. Жаштар өлкөбүздүн өнүгүүсүнүн негизги – локомотиви!

**Надырбеков Союзбек Надырбекович**
**Кыргыз Республикасынын**
**Маданият, маалымат, спорт жана**
**жаштар саясаты министринин орун басары**

# МЕТОДОЛОГИЯ

2017-жылы Кыргызстанда жаштардын комплекстүү абалын биринчи системалуу өлчөө жүргүзүлгөн, ал Кыргызстандын шарттарына ылайыкташтырылган Глобалдык өнүгүү индексин жана Жаштардын бакубатчылыгынын индексин аныктоонун эл аралык инструменттерине негизделген. «Жаштардын бакубатчылыгынын жана өнүгүүсүнүн индексин» индекстөө методологиясы төмөнкүдөй көрсөткүчтөр боюнча өлкөнүн жаштарынын бакубатчылыгынын жана өнүгүүсүнүн 8 индексине бириктирилген 94 субиндикаторду жана индикаторлорду эске алуу менен: жарандык катышуу; экономикалык мүмкүнчүлүктөр; билим берүү жана илим; маданият; ден соолук; үй-бүлө; МКТ; жаштардын коопсуздугу жана корголуусу сыяктуу көрсөткүчтөр боюнча эсептелген.

2022-жылы ЖӨИни эсептөө методикасы бир катар кошумча субиндикаторлорду жана индикаторлорду индекске киргизүү менен эксперттер тобу тарабынан олуттуу жакшыртылган. Ар бир чөйрө түзүмдөштүрүлгөн жана беш бөлүмдү камтыйт – 1) Глобалдык жана эл аралык индекстер; 2) Жаштар үчүн мүмкүнчүлүктөр; 3) Жаштардын муктаждыктары жана керектөөлөрү; 4) Жаштардын күн тартибин ишке ашыруу механизмдери; 5) Жаштардын канааттангандыгы.

**ЖБӨИ** – Кыргыз Республикасындагы жаштардын абалынын өзгөрүү динамикасынын аналитикалык комплекстүү көрсөткүчү болуп саналат, ал төмөнкүлөр аркылуу каралат:

- өнүгүү – белгиленген критерийлер боюнча кайтарылгыс сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдүн процесси катары;
- бакубатчылык – жаштардын социалдык, физиологиялык, психологиялык жана материалдык абалы катары.

**ЖБӨИнин максаты** – жаштар саясатын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо жана Кыргыз Республикасынын жаштарына тийиштүү республикалык жана жергиликтүү деңгээлде кабыл алынган чечимдердин сапатын жогорулатуу.

## ЖБӨИ эки өлчөө ыкмасынын негизинде эсептелет:

1. Субъективдүү маалыматтар - салмактарды бирдей бөлүштүрүү менен 5-7 пайыздын чегинде ката кетирүү менен стандарттык репрезентативдик тандоо боюнча Кыргыз Республикасындагы 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштарды сурамжылоо. Тандоо төмөнкү негизги факторлорго негизделген: аймактык, жаш курак, гендердик, этникалык, жашаган жеринин түрү. Жалпысынан 1640 адам сурамжыланган.
2. Объективдүү маалыматтар - статистикалык органдарда, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда, изилдөөлөрдө жана отчеттордо болгон статистикалык жана башка маалыматтарды өздөштүрүү.

Кээ бир көрсөткүчтөр сандык гана эмес, сапаттык өлчөөнү да талап кылаарын эске алып, жаштардын абалын тигил же бул индикатор боюнча объективдүү баалоого мүмкүндүк берүүчү ФТТ инструментин методологияга кошумча киргизүү чечими кабыл алынган.

ЖӨИни эсептөө методикасын кезектеги жакшыртуу дагы бир чөйрөнү – «Экологияны» киргизүүдө. Терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон экологиялык тобокелдиктерди изилдөөнүн маанилүүлүгүн түшүнүү менен отчетко экологиялык аспектилер, алардын жаштардын жүрүм-турумуна жана бийликтин реакциясына тийгизген таасирин камтыйт. Мындан ташыкары, ачык маалымат булактарынын сереби жаштардын экологиялык темалар боюнча талкууларынын олуттуу көбөйгөнү жөнүндө күбөлөндүрөт.

### Алсак, чыныгы ЖБӨИ тогуз чөйрөнү өлчөөнү камтыйт:

1. Жарандык катышуу
2. Экономикалык өлчөө
3. Билим берүү
4. Маданият
5. Ден соолук
6. МКТ
7. Коопсуздук
8. Үй-бүлө
9. Экология

Бул индексти эсептөөдө ар бир чөйрөдөн бирдей салмактар колдонулду.

ЖБӨИин натыйжалары бардык кызыкдар тараптардын жоопкерчилигин эске алуу менен өзүнчө да, жалпысынан да жогоруда аталган чөйрөлөрдүн абалын баалоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

## ТОГУЗ БЛОК ЖАНА ИНДИКАТОРЛОР БОЮНЧА НАТЫЙЖАЛАРДЫ ТАЛДОО

## ЖБӨИнин ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Баалоо шкаласы боюнча 2022-жылы ЖБӨИ мааниси 0,45 түздү (идеалдуу маани – 1 болгон учурда). Бул маанилер орточодон төмөн деңгээлде турат, бул борбордук жана жергиликтүү аткаруу бийлик органдары тарабынан кабыл алынган жаштарга тийиштүү чечимдердин сапатын жогорулатуу зарылдыгын билдирет.

- Төмөн маани: 0–0,494
- Орто маани: > 0,494–0,607
- Жогорку маани: > 0,607–0,671
- Кыйла жогору маани: > 0,671–0,810
- Абдан жогору маани: > 0,811–1

### Чөйрөлөр боюнча өлчөмдөр:

1. Жарандык катышуу - 0,41
2. Экономикалык мүмкүнчүлүктөр - 0,48
3. Билим берүү жана илим - 0,47
4. Маданият - 0,15
5. Ден соолук - 0,51
6. МКТ - 0,43
7. Коопсуздук жана коргоо – 0,63
8. Үй-бүлө - 0,53
9. Экология – 0,45




2022-жылдагы ЖБӨИнин жыйынтыгы боюнча дээрлик бакубат чөйрөлөр «Коопсуздук жана корголгондук» (0,63) жана «Ден соолук» (0,51) болду. Жогорку тынчсыздануу даражасын «Маданият» (0,15) чөйрөсүнүн абалы пайда кылууда.

Интегралдык индексти эсептөө методологиясы түп-тамырынан бери өзгөргөндүгүнө байланыштуу бардык эле субиндикаторлор жана индикаторлор салыштырууга жатпайт. Төмөнкү таблицада 2017 жана 2022-жылдардагы өлчөөлөрдө колдонулган индикаторлордун тизмеси келтирилген, тиешелүү түрдө алардын маанилерин салыштырса болот. Мында 2022-жылдын эски жана жаңы методика боюнча маанилери өлчөө мамилелеринин ар кандай болушунан улам айырмаланышы мүмкүн экенин белгилей кетүү керек.

| Индикатор | 2017-жылдагы маанилер | 2022-жылдагы маанилер | Өзгөрүү | 2022-жылдагы маанилер (жаңы методика) |
|---|---|---|---|---|
| **Жарандык катышуу** | | | | |
| Респонденттердин жалпы санына карата республиканын коомдук-саясий турмушуна кызыккан респонденттердин саны (14–28 жаш) | 31,5 | 39,2 | +7,7 | 74,5 |
| Өлкө үчүн жеке бир нерсени курмандыкка чалууга даяр экенин белгилеген респонденттердин саны | 36,7 | 45,4 | +8,7 | 45,4 |
| Респонденттердин жалпы санына карата (18-28 жаш) шайлоого катышкан респонденттердин саны (шайлоочу, байкоочу, талапкер катары) | 46,4 | 31,3 | -15,1 | 50,5 |
| Респонденттердин жалпы санына карата жамааттардагы волонтердук ишке катышкан респонденттердин саны (14-28 жаш) | 12,0 | 33,0 | +21,0 | 33,0 |
| Коомдук-саясий абалга канааттангандыгын белгилеген респонденттердин саны | 60,5 | 43,0 | -17,5 | 43,0 |
| Калктын ишеним индекси - «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар, дене-тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги) | 46,9 | 34,0 | -12,9 | 42,7 |
| **Экономикалык өлчөө** | | | | |
| Жан башына ИДП | 13,6 | 12,0 | -1,6 | 3,1 |
| Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси | 20,0 | 20,0 | 0,0 | 38,0 |
| Тамак-ашка чыгашасы жалпы кирешесинин 30%ын түзгөн респонденттердин саны | 46,0 | 70,2 | +24,2 | 70,2 |
| Калктын туруктуу экономикалык иш менен камсыз болушунун деңгээли | 81,0 | 61,4 | -19,6 | 41,7 |
| Жумушка орношуунун жеңилдиги | 14,0 | 15,5 | +1,5 | 15,5 |
| Өз бизнесин ачууга даяр жаштардын пайызы | 25,0 | 27,2 | +2,2 | 21,5 |
| Жеке турак жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү бар жаштардын пайызы | 9,0 | 7,9 | -2,1 | 7,9 |
| Финансылык абалы менен канааттануу | 62,5 | 24,4 | -38,1 | 43,2 |
| **Билим берүү** | | | | |
| Билим деңгээлинин индекси | 76,2 | 69,3 | -6,9 | 69,3 |
| Окуусун улантууга мумкунчулугу бар жаштардын үлүшү | 47,3 | 66,7 | +19,4 | 66,7 |
| Жаштардын жалпы санына карата орто кесиптик билим берүү системасындагы окуучулардын саны (18–22 жаш) | 11,6 | 14,0 | +2,4 | 14,0 |
| Жаштардын жалпы санына карата жогорку кесиптик билим берүү системасындагы студенттердин саны (18–22 жаш) | 22,5 | 32,9 | +10,4 | 32,9 |
| Билим алуу маанилүү болгон жаштардын үлүшү | 76,8 | 86,6 | +9,8 | 86,6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик чыгымдардагы билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү | 18,2 | 23,3 | +5,1 | 23,3 |
| Билим берүүнүн сапатына канааттанган жаштардын үлүшү | 71,5 | 45,7 | -25,8 | 45,7 |
| **Маданият** | | | | |
| Маданий эс алууга муктаждыктар | 16,0 | 29,3 | +13,3 | 14,8 |
| Маданиятка карата мамлекеттик чыгымдар | 1,6 | 1,5 | -0,1 | 1,5 |
| **Ден соолук** | | | | |
| Таза ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгү | 89,9 | 94,1 | +4,2 | 94,1 |
| Активдүү жана сергек жашоо мүнөзүн карманган жаш калктын үлүшү | 36,2 | 24,4 | -11,8 | 24,4 |
| Жаштар үчүн медициналык мекемелердин жана кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли | 41,7 | 35,4 | -6,3 | 17,7 |
| Ден соолугуңузга канааттануу | 85,1 | 54,2 | -30,9 | 54,2 |
| **МКТ** | | | | |
| Байланыш кызматтарынын баасы тууралуу суроого «толук жеткиликтүү» же «жеткиликтүү» деген жооптор | 62,1 | 74,4 | +12,3 | 74,4 |
| Билим берүү мекемелерине МКТ көндүмдөрүн берүү боюнча суроого «негизинен ооба» деген жооптор | 29,9 | 59,3 | +29,4 | 59,3 |
| Кыргызстандагы МКТнын абалына канааттануу | 65,5 | 56,2 | -9,3 | 56,2 |
| **Коопсуздук жана коргоо** | | | | |
| Досторуңуздан, курдаштарыңыздан, тууганыңыздан, кесиптештериңизден же класстташыңыздан (курсташтардан) сиз жеке тааныган кимдир бирөө физикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгондугу тууралуу суроого терс жооп | 5,9 | 15,3 | +9,4 | 84,7 |
| Коопсуздуктун абалына канааттануу | 85 | 47,5 | -37,5 | 47,5 |
| **Үй-бүлө** | | | | |
| Үй-бүлөнүн туруктуулук индекси | 84,0 | 96,7 | +12,7 | 76,4 |

## 1. ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК)

«Жарандык катышуу» чөйрөсүнүн жалпы субиндекси 0,41 түздү, бул төмөн көрсөткүчтөргө кирет жана «канааттандырарлыктан төмөн» деп мүнөздөлөт. 2017-жылы жаштардын жарандык катышуусунун индекси 0,51 түзгөн жана «канааттандырарлык» деп таанылган.

Жарандык катышуунун жана коомдук-саясий ишмердүүлүктүн чөйрөсүн өлчөө жана сүрөттөө үчүн беш компонент – секциялар колдонулган:

1. Жарандык катышууга жана коомдук-саясий ишмердүүлүккө болгон муктаждыктар жана керектөөлөр.
2. Жарандардын катышуусу жана коомдук саясий ишмердүүлүккө жеткиликтүүлүк жана мүмкүнчүлүктөр.
3. Жарандык катышууну жана коомдук-саясий иштердүүлүктү ишке ашыруу механизмдери.
4. Жаштардын жарандык катышууну жана коомдук-саясий ишмердүүлүктү ишке ашруудан канааттануусу.
5. Кыргызстандын жарандык катышуу жана коомдук-саясий ишмердүүлүк чөйрөсүнө байланыштуу дүйнөлүк жана эл аралык рейтингдердеги позициялары.

| Секция | Индикатор | Шкала | 2022-жылдагы маани | Секциянын орточо мааниси |
|---|---|---|---|---|
| **Глобалдык жана эл аралык индекстер** | Жаштардын прогрессинин индекси | %, 0-100 | 66,2 | **41,8** |
| | Демократия индекси (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, КРдин эң жакшы натыйжага мамилеси %) | %, 0-100 | 35,0 | |
| | Мыйзамдын үстөмдүгүнүн индекси (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, КР эң жакшы натыйжага мамилеси %) | %, 0-100 | 31,8 | |
| | Калктын ишеним индекси | %, 0-100 | 34,0 | |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | Респонденттердин жалпы санынан саясий партиялардын жана кыймылдардын мүчөлөрү болгон респонденттердин үлүшү | %, 0-100 | 3,6 | **37,5** |
| | Респонденттердин жалпы санынан жаштар Кыргызстандын турмушунда позитивдүү роль ойнойт деп эсептеген респонденттердин пайызы (1. Өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна активдүү катышат; 2. Мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштөөгө умтулат). | %, 0-100 | 45,5 | |
| | «Өлкөнү өнүктүрүү үчүн адамдарга көбүрөөк эркиндик жана демилгени берүү керек» деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 23,2 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «Демократиялык системада көйгөйлөр жана кемчиликтер болушу мүмкүн, бирок бул башкаруунун эң мыкты формасы» деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 18,6 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «Коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн инсандын айрым укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө болот» жана «Инсандын укуктары жана эркиндиктери - адам үчүн эң башкысы, аларды бүтүндөй мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгы үчүн да чектөөгө болбойт» деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 46,2 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «Өзүн ишке ашыра албоо» актуалдуу көйгөй деп эсептебеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 87,6 | |
| **Керектөөлөр/ Муктаждыктар** | Респонденттердин жалпы санынан Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушуна кызыккан респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 74,5 | **31,6** |
| | Респонденттердин жалпы санынан «сөз эркиндиги, дин тутуу, жашаган жери» эң маанилүү деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 8,4 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «жеке эркиндик, көз карандысыздык, активдүү жашоо позициясы» эң маанилүү деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 9,3 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «башка адамдарга пайда алып келүү мүмкүнчүлүгү» эң маанилүү деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 6,2 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан шайлоого катышууну каалаган, бирок ар кандай себептер менен катыша албаган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 14,1 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан коомдук-саясий акциялардын демилгечиси жана уюштуруучусу катары чыккан респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 6,4 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан мамлекет жаштарды жана алардын демилгелерин ресурстар менен колдош керек, мамлекеттик долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу керек деп эсептеген респонденттердин орточо пайызы. | %, 0-100 | 22,3 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан өлкө үчүн жеке бир нерсесин курмандыкка чалууга даяр экенин көрсөткөн респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 45,4 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «Кыргызстан эгемендүү мамлекет бойдон калышы керек» деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 60,2 | |

## ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК)

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Керектөөлөр/ Муктаждыктар** | Респонденттердин жалпы санынан «Кыргыз Республикасынын жараны» өзүнүн негизги идентүүлүгү деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 69,7 | **31,6** |
| | Респонденттердин жалпы санынан «демократиялык өлкөнү» жашагысы келген өлкө жана артыкчылык катары тандаган респонденттердин пайызы | %, 0-100 | 54,7 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «светтик өлкөнү» жашагысы келген өлкө жана артыкчылык катары тандаган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 8,5 | |
| **Ишке ашыруу механизмдери** | Респонденттердин жалпы санынан өз пикирин билдирүүдө чектөөлөрдү сезбеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 66,1 | **47,7** |
| | 18 жашка толгон респонденттердин санынан шайлоого (шайлоочу, байкоочу, талапкер катары) катышкан респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 50,5 | |
| | Акыркы шайлоого катышкан респонденттердин (КР ЖК) шайлоого катышкандыгын белгилеген респонденттердин санынан пайызы. | %, 0-100 | 52,5 | |
| | 18 жашка толгон респонденттердин ичинен шайлоого катышууну каалаган, бирок ар кандай себептерге байланыштуу катыша албаган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 22,3 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан коомдук угууларга катышкан респонденттердин орточо пайызы. | %, 0-100 | 21,4 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан волонтердук тажрыйбасы бар респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 33,0 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан «Мамлекет тарабынан жаштарга көңүл бурулбай жатат» деген учурдагы көйгөйдү актуалдуу деп эсептебеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 80,1 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан онлайн чөйрөдө тыюу салынган аракеттер (экстремизмге чакырыктар, тыюу салынган контентти (порнография) жана фейктерди таратуу) үчүн юридикалык жоопкерчилик жөнүндө кабардар болгон респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 55,6 | |
| **Канааттануу/ Бакубатчылык** | 18 жашка толгон респонденттердин санынан шайлоого принципиалдуу түрдө катышпаган респонденттердин пайызы (reverse). | %, 0-100 | 93,9 | **46,5** |
| | Респонденттердин жалпы санынан Кыргыз Республикасындагы шайлоо таза жана адилеттүү өттү деп эсептеген респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 16,5 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан коомдук-саясий акцияларга – митингдерге жана демонстрацияларга, ачкачылыкка катышууга мажбур болгон респонденттердин пайызы (Reverse). | %, 0-100 | 77,2 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан учурдагы абалга канааттанган жана өзгөртүүгө муктаж эмес респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 5,1 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан Кыргыз Республикасында жашоону жана иштөөнү пландаган респонденттердин пайызы (өзүнүн келечегин Кыргыз Республикасы менен байланыштырат). | %, 0-100 | 51,5 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан жаран катары укуктук коргоонун деңгээлине канааттанган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 59,0 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан жалпысынан өлкөнүн коомдук турмушуна өздөрүнүн катышуусу менен канааттанган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 43,0 | |
| | Респонденттердин жалпы санынан 3 жыл мурда бүтүндөй өлкөнүн коомдук турмушуна катышуусуна канааттанган респонденттердин пайызы. | %, 0-100 | 29,2 | |
| | Маданият жана жаштар министрлигине ишеним индекси | %, 0-100 | 42,7 | |
| | Юстиция министрлигине ишеним индекси | %, 0-100 | 29,2 | |
| **«Жарандык катышуу» бөлүмү боюнча индекс** | | | | **41,0** |

Изилдөөнүн жыйынтыгынан көрүнүп тургандай, акыркы жылдары Кыргызстанда да, дүйнөдө да жаштардын жарандык жана коомдук-саясий катышуусу төмөндөп кеткендиги байкалат. Бирок ошол эле учурда жарандык жана саясий катышуу ар түрдүү формаларга ээ болууда. Саясий демонстрацияларга, наразылык акцияларына жана жөө жүрүштөргө катышуу сыяктуу катышуунун салттуу эмес форматтарын өнүктүрүү тенденциясы байкалууда, ошондой эле онлайн активдүүлүк – петицияларга кол коюу, саясий темаларда макалаларды жазуу же блог жүргүзүү, ошондой эле мындай материалдарды коомчулукка жайылтуу жана социалдык тармактарда жайылтуу тенденциясы бар. Ошол эле учурда пандемия жана өзгөчө кырдаалдар (өлкөдөгү аскердик кагылышуулар (Кыргызстан-Тажикистан) жана тышкы (Казакстандагы кагылышуулар, Украинадагы согуш, каргашалуу окуялар (Дача-Су)) жаштар арасында волонтерлордун жана ыктыярдуу ишмердүүлүктүн өсүшүнө чоң түрткү берди. Жаштар муктаж болгондорго активдүү жардам берип, жергиликтүү коомчулуктун көйгөйлөрүн чечүүдө же кайрымдуулук иштерине каражат чогултууну уюштурууда.

Эгерде мурда жаштардын тынчсыздануусу жаштарды кандайдыр бир талапкерлерге добуш берүү же саясий бирикмелерге кирүү түрүндөгү аракеттерге түрткөн болсо, бүгүнкү күндө алар ар кандай акцияларды, наразычылык акцияларын жана демонстрацияларды уюштуруу жана катышуу, ошондой эле социалдык тармактардагы активдүүлүк, кайрымдуулук акциялары же жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде ыктыярдуу иштер аркылуу мындай маселелерди чечүүгө көбүрөөк басым жасоодо.

Индекстин төмөн мааниси өзгөчө муктаждыктарды жана керектүүлөрдү, жаштардын коомдук-саясий процесстерге жана жарандык активдүүлүккө катышууну каалоосун аныктаган 1.1. секциянын төмөн көрсөткүчү олуттуу таасир эткендигин белгилей кетүү керек. Бул секция боюнча жалпы көрсөткүч 31,6% түзөт.

Бул көптөгөн факторлор менен шартталган, бирок негизги факторлордун бири болуп көптөгөн жаштардын саясий процесстерге, күрөштүн абийирсиз ыкмаларына жана шайлоо кампанияларындагы коррупцияга, өлкөдөгү чыр-чатактарга терең көңүлү калгандыгы саналат. Анын ичинде жарандык билимдин жетишсиздиги, сурамжылоолордун жана фокус-топтук талкуулардын жүрүшүндө мамлекеттик-саясий түзүлүштө багыт ала албаган, коомдук-саясий процесстерге катышуу эмне үчүн маанилүү экенин жана укуктук актылары жаштардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрүнө кандай таасир эткенин түшүнбөгөн жаштар көп. Жаштар өлкөдөгү мамлекеттик башкаруу системасы кандайча түзүлгөнүн жана кайсы процесстерге катышып, потенциалын, күчүн жана убактысын өздөрүн жана коомду оң өзгөртүүгө жумшап, өз кызыкчылыктарын илгерилетүү жана коомдогу көйгөйлөрдү чечүү үчүн таасир эте аларын билишпейт.

| Суроо | Маани, % | |
|---|---|---|
| | Светтик | Демократикалык |
| Сиз кандай өлкөдө жашагыңыз келет. | 8,5 | 54,7 |

Алар кайсы өлкөдө жашагысы келет деген суроого артыкчылыкты түзүү менен респонденттердин көбү үчүн эң негизгиси «демократиялык өлкөдө жашоо» болду - 54,7%. Ошол эле учурда респонденттердин көбү мамлекеттик түзүлүшкө, жарандык жана саясий процесстерге тиешелүү кээ бир терминдерди, мисалы, «светтик мамлекет жана өлкө» сыяктуу терминдерди түшүнүшпөйт. Ушуга байланыштуу алар «демократиялык саясий режим, мамлекет жана өлкө» сыяктуу тааныш сөздөрдү, терминдерди тандашат.

Респонденттер билим берүү уюмдарында, өзгөчө мектепте, жарандык идентүүлүктү жана жарандык компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган сабактарга тийиштүү көңүл бурулбай келерин белгилешти.

**ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК)**

Бардыгы алардын граждандык жана коомдук-саясий укуктарын ишке ашыруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланбагандыгына алып келүүдө. Демек, «Жарандык катышууга жана коомдук-саясий ишмердүүлүккө жетүү жана мүмкүнчүлүктөр» 1.2-секциясы боюнча көрсөткүч да орточодон төмөн – 37,5%.

## «Жарандык катышуунун жана коомдук-саясий ишмердүүлүктүн муктаждыктары жана керектөөлөрү» секциясы

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Респонденттердин жалпы санынан КРдин коомдук-саясий турмушуна кызыккан респонденттердин үлүшү. | 31,5 | 74,5 |

Бул секция 12 индикаторду камтыйт.

Кыргыз Республикасындагы коомдук-саясий турмушка кызыкдар экенин белгилеген жаштардын үлүшү 31,5%дан 74,5%га өстү. Бирок, ошол эле учурда башка изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаштардын жарымынан көбү (53%) саясатка таптакыр кызыкпайт, ал эми алардын көбү кыздар жана жаш кыздар, шаардык жаштардын жана орус улутунун өкүлдөрү.[1]

10%дан азы жеке эркиндикти, дин тутуу эркиндигин, жашаган жерин, көз карандысыздыкты жана активдүү жарандыкты эң маанилүү баалуулук катары эсептешет. Бул адамдардын көбү кыздар жана жаш аялдар (63%).

| Эгер сиздин таандыгыңыз тууралуу айта турган болсок, өзүңүздү көбүрөөк ким деп сезесиз? | Маани, % | |
|---|---|---|
| | аял | эркек |
| Кыргыз Республикасынын жараны | 71,0 | 68,1 |

Жаштардын 69,7%ы «Кыргызстандын жараны» өзүнүн негизги иденттүүлүгү деп эсептешет.

54,7% демократиялык өлкөдө жашагысы келет. Жаштардын 60,2% «Кандай болсо да Кыргызстан эгемендүү мамлекет бойдон калышы керек» деп ойлошот.

Жаштардын жарандык жана коомдук-саясий катышуусунун дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – конкреттүү маселелерге көңүл буруу. Чечим кабыл алуунун салттуу процесстеринен жана саясий системадан четтөө, кайдыгерлик жана көңүл калуу сезими жана жаштарга карата уятсыз мамиле көптөгөн жаш жарандарды өздөрүнүн күчүн алар үчүн өзгөчө маанилүү маселелерге же максаттарга багыттоого үндөйт.

6,2% «башка адамдарга пайда алып келүү мүмкүнчүлүгүн» маанилүү баалуулуктардын бири катары эсептешет. Жаштардын 45,4% өлкө үчүн жеке бир нерсени курмандыкка чалууга даяр. Алар салттуу саясий процесстерге катышпоону артык көрүшөт, анткени алардын үнү этибарга алынбай жатат жана аларда саясий катышуу үчүн зарыл болгон ресурстар же компетенциялар жок, же катышуунун салттуу форматтары реалдуу өзгөрүүлөрдү жасоодо натыйжалуу эмес деп сезишет.

22,3% мамлекет жаштарды жана алардын демилгелерин ресурстар менен колдоого, мамлекеттик долбоорлорду жана программаларды иш жүзүндө ишке ашыруу керек деп эсептейт.

1 Фридрих Эбберт Фондунун «Кыргыз Республикасынын жаштары: трансформацияда адашкандарбы?2020/2021». Бишкек, 2022 https://library.fes.de/pdf-files/bueros/bischkek/19184.pdf

## «Жарандык катышууга жана коомдук-саясий ишмердүүлүккө жетүү жана мүмкүнчүлүктөр» секциясы

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Респонденттердин жалпы санынан саясий партиялардын жана кыймылдардын мүчөлөрү болгон респонденттердин пайызы | 1,8 | 3,6 |

Секция 6 индикаторду камтыйт.

Саясий партияларда жана кыймылдарда жаштардын өкүлчүлүгү 3,6% түзөт. Алардын ичинен 55,9% - эркектер, 44,1% - аялдар. Көрсөткүч 2 эсеге өстү.

Респонденттердин 12,4% «өзүн-өзү ишке ашыра албоо» курч 3 көйгөйдүн бири деп эсептейт. Алардын 58,3% кыздар жана жаш аялдар түзөт.

Ошол эле учурда өзүн-өзү ишке ашырууда 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр жана 18-21 жаштагы жаштар эң аярлуу болуп саналат.

| Азыркы учурда кайсыл маселелерди актуалдуу деп эсептейсиз? | Маани, % | | | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| | 14 - 17 жаш | 18 - 21 жаш | 22 - 25 жаш | 26 - 28 жаш | |
| Өзүн өзү ишке ашыра албоо | 38,7 | 29,4 | 14,9 | 17,0 | 100 |

Жаштардын 45,5% Кыргызстандын турмушунда жаштар позитивдүү роль ойнойт деп эсептешет. 23,2% «Өлкөнү адамдарга көбүрөөк эркиндик жана демилге берүү менен өнүктүрүү мүмкүн» деп эсептешет.

## «Жарандык катышууну жана коомдук-саясий ишмердүүлүктү ишке ашыруунун механизмдери» секциясы

Ал 8 индикаторду камтыйт. Бул секцияда эң жакшы көрсөткүчтөр байкалган – 47,7% (орточо маани). Бул өлкөдө жаштардын жарандык катышуусун жана коомдук-саясий ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун жолдору жана механизмдери бар экендигин билдирет.

Акыркы шайлоого (Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо) респонденттердин жарымы (50,5%) катышкан. Бирок, ошол эле учурда 2020-2021-жылдары жаштардын шайлоо процесстерине катышуусу төмөндөгөндүгү байкалган. Мисалы, жаш шайлоочулардын (18-30 жаштагы) жалпы санынын 25,1% гана шайлоо укугун пайдаланып, мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоого жана 2021-жылдын 10-январында өткөн өлкөнүн башкаруу формасы боюнча референдумга катышкан. Мында жаштар (28-29 жаштагы) шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын олуттуу топторун түзөт – шайлоочулардын жалпы санынын төрттөн биринен көбүрөөгүн (27%) түзөт.[2]

2020-жылдын 4-октябрында[3] өткөн парламенттик шайлоого жаштардын (18-30 жаш) катышуусунун статистикасы кыйла жогору болгон – 44,2%.

2 https://tizme.gov.kg/

3 Жаштардын парламенттик шайлоого (28.11.2021) катышуусу боюнча маалымат азырынча ачыктала элек.

### ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮК)

Жаштар жарандык катышуунун альтернативалуу ыкмаларын колдонуу менен өз күч-аракетин алар үчүн маанилүү болгон конкреттүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытташат. Муну ишке ашыруу ыкмаларынын бири катары - алар волонтердук жана ыктыярдуу иш-чараларга катышууну көрүшөт. Волонтердук кыймылдын чоң өсүшү пандемияга байланыштуу болду, жаштар аярлуу топторго колдоо көрсөтүүгө тартылды - алар азык-түлүк топтомдорун, медициналык жабдууларды жана дары-дармектерди жеткиришти, ошондой эле медицина кызматкерлерине жардам беришти.

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Респонденттердин жалпы санынан волонтердук тажрыйбасы бар респонденттердин пайызы. | 12 | 33 |

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча жаштардын 33% волонтердук жана ыктыярдуу иш тажрыйбасына ээ. Бул көрсөткүч 2017-жылга караганда 2,75 эсе жогору.

Жаштар жергиликтүү маанидеги маселелерге, жергиликтүү бюджетти түзүүгө жана бөлүштүрүүгө көбүрөөк көңүл бура башташты. Коомдук угууларга катыштыңыз беле деген суроого 21,4% оң жооп беришкен, ошол эле учурда 26-28 жаштагы жаштар активдүүлүктү көрсөтүүдө, бирок мектеп окуучулары жана студенттер да жергиликтүү коомчулуктун көйгөйлөрүн чечүүгө катышуу зарылдыгын көрүшөт.

| Коомдук угууларга катыштыңыз беле? | Маани, % | | | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| | 14 - 17 жаш | 18 - 21 жаш | 22 - 25 жаш | 26 - 28 жаш | |
| Ооба | 15,4 | 23,6 | 23,3 | 28,2 | 100 |

## «Жаштардын жарандык активдүүлүгүн жана коомдук-саясий ишмердүүлүгүн ишке ашырууга канааттануусу» секциясы

Бул секцияга өзүнө 8 параметр – индикаторду камтыйт. Секциянын субиндекси 46,5% түзөт (канааттандырарлык эмес).

Жаштардын шайлоо процесстерине кызыгуусунун жана катышуусунун төмөндүгүнүн олуттуу себептеринин бири жаштардын 16,5% гана «Кыргыз Республикасындагы шайлоолор таза жана адилеттүү» деп эсептегендиги менен шартталат. Андай эмес деп эсептегендердин 58,5% кыздар жана жаш аялдар.

Жаштардын 5,1% гана учурдагы абалга канааттанат жана өзгөртүүнүн кереги жок деп эсептешет. Алардын 22,8% коомдук-саясий акцияларга – митингдерге жана демонстрацияларга, ачкачылыкка катышуу аркылуу болгон реалдуулукка макул эместигин жана наразылыгын билдирүүдө. Респонденттердин 59% жаран катары укуктук коргоонун деңгээлине канааттанат (41% канааттанбайт). Жаштардын 43% өлкөнүн коомдук турмушуна катышуусунун деңгээлине канааттанат.

Жаштардын жарымынан бир аз көбү (51,5%) Кыргыз Республикасында жашап жана иштөөнү пландаштырышат (келечегин Кыргыз Республикасы менен байланыштырышат).

Секцияга ошондой эле Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине жана Юстиция министрлигине калктын ишеним индексинин көрсөткүчтөрү киргизилген. 2020-жылга Юстиция министрлигине - 29,2%, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине - 42,7% түзөт.

### «Жарандык катышуу жана коомдук-саясий ишмердүүлүк чөйрөсүнө байланыштуу дүйнөлүк жана эл аралык рейтингдерде Кыргызстандын позициялары» секциясы

Бул секция өзүнө 4 глобалдык (эл аралык) индекстин маанисин камтыйт. Секциянын жалпы орточо мааниси 41,8% түзөт.

Буга чейинки изилдөөдө секцияга Жаштардын өнүгүү индексинин алкагында Кыргызстандын көрсөткүчү киргизилген. Тилекке каршы, 2021-жылы бул изилдөөгө Кыргызстан кирбей калган, 86 өлкөнүн ичинен Казакстан, Өзбекстан жана Орусия ага кирген.[4] Ушуга байланыштуу учурдагы индекске «Жаштардын прогрессинин индекси-2021» мааниси киргизилген.[5]

Толук картина үчүн Демократия индексинин маалыматтары (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, Кыргыз Республикасынын эң жакшы натыйжага карата мамилеси %) - 35%, ошондой эле Мыйзам үстөмдүгүнүн индекси (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, Кыргыз Республикасынын эң жакшы натыйжага карата мамилеси %) - 31,8% жана Кыргызстандын калкынын аткаруу бийлик органдарына ишеним индекси - 34%.

Дүйнөнүн өлкөлөрүнүн демократия индекси (Democracy Index)- британиялык Economist Intelligence Unit изилдөө борборунун демократиялык деңгээли боюнча дүйнөлүк изилдөө жана аны коштоп жүргөн дүйнө өлкөлөрүнүн рейтинги.

Мыйзам үстөмдүгүнүн индекси (Rule of Law Index) – дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн мыйзам үстөмдүгүнүн универсалдуу принциптерине негизделген укуктук чөйрө менен камсыз кылуу жагынан жетишкендиктерин баалаган глобалдык изилдөө жана аны коштоочу рейтинг.

«Калктын ишеним индекси» - аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана муниципалдык өз алдынча башкаруу органдарынын (Бишкек жана Ош шаарлардын мэриялары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары - райондордун акимдери) ишине калктын мамилесин чагылдырган, коомдун массалык маанайынын өзгөрүү динамикасынын жалпыланган көрсөткүчү.

## 2. ЭКОНОМИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

«Экономикалык мүмкүнчүлүктөр» чөйрөсүнүн жалпы субиндекси 0,48 түздү, аны жалпысынан «канааттандырарлык деңгээлден төмөн» деп мүнөздөөгө болот. Бул 2017-жылга салыштырмалуу оң динамика алган эки багыттын бири. 2017-жылы экономикалык субиндекс 0,45 түзгөн.

Экономикалык мүмкүнчүлүктөр чөйрөсү беш секциядан турат: экономикалык ишмердүүлүктүн муктаждыктары жана керектөөлөрү, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жеткиликтүүлүгү, ишке ашыруу механизмдери, жаштардын финансылык абалга канааттануусу, дүйнөлүк жана эл аралык рейтингдер.

Индекстин төмөн маанисине дүйнөлүк жана эл аралык индекстердин төмөн көрсөткүчтөрү таасир эткен. Калган секциялар орточодон бир аз жогору.

4 https://www.chinadaily.com.cn/pdf/2021/20211224.docx
5 https://youthprogressindex.org/

| Секция | Индикатор | Шкала | 2022-жылдагы маанилер | 2022-жылдагы секциянын орточо мааниси |
|---|---|---|---|---|
| **Глобалдык жана эл аралык индекстер** | Дүйнөлүк рейтингде жан башына ИДП (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, Кыргыз Республикасынын эң жакшы натыйжага мамилеси % менен) | 0-100% | 3,1 | **20,6** |
| | Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, КР эң жакшы натыйжага мамилеси % менен) | 0-100% | 38,0 | |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | Каражаттын жетишсиздигинен никесин каттабай калган жаштардын үлүшү | 0-100% | 88,6 | **58,0** |
| | Жумушсуздук жана иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн эң актуалдуу деп эсептеген жаштардын үлүшү | 0-100% | 79,0 | |
| | Акыркы жылы кирешеси жок жаштардын үлүшү | 0-100% | 40,4 | |
| | Туугандарынын багуусунда болгон жаштардын үлүшү | 0-100% | 66,5 | |
| | Жумушка орношуунун жеңилдиги | 0-100% | 15,5 | |
| **Керектөөлөр/ Муктаж-дыктар** | Миграция тажрыйбасы бар жаштардын же алардын жакындарынын үлүшү | 0-100% | 70,6 | **53,8** |
| | Тамак-ашка чыгашалары жалпы кирешесинин 30% чейин түзгөн респонденттердин үлүшү | 0-100% | 70,2 | |
| | Өнүгүү/билим берүү чыгымдары 50% ашкан респонденттердин үлүшү | 0-100% | 13,5 | |
| | Жеке бизнесин же үй чарбасын жүргүзүүгө кызыккан жаштардын үлүшү | 0-100% | 53,5 | |
| | Жеке турак жай сатып алууну пландаштырган жаштардын үлүшү | 0-100% | 61,0 | |
| **Ишке ашыруу механизмдери** | Бир жылдын ичинде биринчи жумушун таппай калган же жооп берүү кыйын болгон жаштардын үлүшү | 0-100% | 58,1 | **52,9** |
| | Бир жылдын ичинде акыркы жумушун таппай калган же жооп берүү кыйын болгон жаштардын үлүшү | 0-100% | 57,4 | |
| | Туруктуу экономикалык иш менен камсыз болуу деңгээли | 0-100% | 41,7 | |
| | Бизнес жана ишкердик менен алектенген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 9,8 | |
| | Өз ишин баштоого даяр болгон респонденттердин үлүшү | 0-100% | 21,5 | |
| | Ресурстардын жетишсиздигин бизнес ачуунун негизги көйгөйү катары эсептеген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 78,3 | |
| | Бизнести жөнгө салуу процедураларынын татаалдыгын бизнес ачуунун негизги көйгөйү катары эсептеген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 86,4 | |
| | Маалыматтын жана коммуникациянын жетишсиздигин бизнес ачуунун негизги көйгөйү деп эсептеген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 88,2 | |
| | Жаш ишкерлерге мамлекет жардам берет деп эсептеген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 13,8 | |
| | Ипотекалык кредиттерди алуудагы кыйынчылыктардын экономикалык себептерин белгилеген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 73,7 | |
| **Канааттануу/ Бакубат-чылык** | Финансылык көйгөйлөрдөн улам ажырашуулардын үлүшү | 0-100% | 88,5 | **54,1** |
| | Материалдык абалына канааттанган жаштардын үлүшү | 0-100% | 61,7 | |
| | Материалдык абалы оор болгон жаштардын үлүшү | 0-100% | 63,4 | |
| | Жеке турак-жайы бар сурамжылангандардын үлүшү | 0-100% | 7,9 | |
| | Миграцияга кеткенден кийин кайтып келүүнү пландабаганын билдирген респонденттердин үлүшү | 0-100% | 86,7 | |
| | Жаштардын материалдык абалына канааттануусу | 0-100% | 34,6 | |
| | Экономикалык өнүгүү жана коммерция министрлигине калктын ишеним индекси | 0-100% | 27,0 | |
| **«Экономикалык мүмкүнчүлүктөр» бөлүмү боюнча индекс** | | | | **47,9** |

## «Глобалдык жана эл аралык индексттер» секциясы

Бул секция боюнча жалпы орточо маани 20,6% түзөт.

Секция эки көрсөткүчтү камтыйт: жан башына ИДП жана Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси. Мурунку отчетто бул секция Дүйнөлүк банк тобунун бизнес жүргүзүү индексинин көрсөткүчтөрүн жана миграциянын деңгээлин камтыган. 2021-жылы Дүйнөлүк банк мурунку отчетторду даярдоодо бузуулар болгондугуна байланыштуу жылдык рейтингди жарыялоону токтотуу чечимин жарыялагандыктан, бул көрсөткүч быйыл Улуттук индекске киргизилген жок. Өз кезегинде миграция боюнча маалыматтар «Керектөөлөр жана муктаждыктар» жана «Финансылык абалды канааттандыруу» секциясына киргизилген.

Мындан ары бакубатчылыкты жана өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн жалпы шарттарды мүнөздөгөн 2022-жылга карата индикаторлор каралат.

## Жан башына ИДП

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүү деңгээли жана экономикалык өсүү темптери төмөн бойдон калууда. ИДП жан башына 2021-жылы 1123 АКШ долларын, 2016-жылы - 1133 АКШ долларын түзгөн. Бул индекстин алкагында калктын жан башына ИДП экономикалык активдүүлүк деңгээлинин жана калктын жашоо сапатынын классификатору катары каралат. Дүйнөлүк банктын жаңыланган классификациясына[6] ылайык Кыргыз Республикасы Өзбекстан менен катар кирешеси төмөн өлкөлөрдүн тобуна кирет, ал эми Казакстан, Россия Федерациясы, Түркмөнстан, Беларусь орточодон жогору кирешелүү өлкөлөрдүн тобуна кирет (4046-12535 АКШ доллары). 2020-жылы жан башына ИДПнын номиналдык көлөмү боюнча лидерлер Люксембург, Швейцария, Скандинавия өлкөлөрү: Норвегия, Ирландия, Исландия, Нидерланддар, Дания, Швеция жана Финляндия болду.

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Калктын жан башына ИДП | 13,6 | 12,0 |

Бул көрсөткүчтүн төмөндөшүнүн негизги себептеринин ичинде 2020-жылы коронавирустун жайылышынын тездеши жана ага байланыштуу киргизилген чектөөлөр болушу мүмкүн (өзгөчө абалды киргизүү, ишканалардын ишин жана адамдардын кыймылын чектөө, окуу жайларды, чек араларды, авиакаттамдарды, соода жана оюн-зоок жайларын жабуу, транспортту токтотуу, кызматкерлерди аралыктан иштөө режимине өткөрүү, эмгек мигранттарынын кайтаруу ж.б.). Буга байланыштуу экономикалык ишмердүүлүктүн ишкердик активдүүлүгү басаңдап, бул эмгек рыногуна кысым кыла баштаган, калктын иш менен камсыз болушуна жана үй-чарбаларынын материалдык абалына терс таасирин тийгизген. Экономиканын өсүшүнүн темпинин төмөндүгү мамлекеттик саясаттын натыйжасыздыгынан, коррупциядан, мамлекеттик максаттуу саясаттын жоктугунан да көз каранды. Азия өнүктүрүү банкынын отчетунда тышкы белгисиздик узакка созулбаса, Кыргыз Республикасынын экономикасы 2022-жылы басаңдап, 2023-жылы бир аз калыбына келери белгиленген.

## Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси[7]

Дүйнөлүк экономикалык форум улуттук атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү өлкөнүн жана анын институттарынын орто мөөнөттүү келечекте туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү катары аныктайт.

6 http://www.vavt-imef.ru/wp-content/uploads/2020/10/Monitoring_54text4-1.pdf
7 https://www3.weforum.org/docs/WEF_TheGlobalCompetitivenessReport2019.pdf

## ЭКОНОМИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

Изилдөөнүн авторлору улуттук атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн көрсөткүчтөрү жогору болгон өлкөлөр, эреже катары, өз жарандарынын бакубатчылыгынын жогорку деңгээлин камсыздай турганын баса белгилешет. 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индексинин рейтингинде Кыргызстан 2018-жылга салыштырмалуу көрсөткүчтөрүн бир позицияга жакшыртып (97-орун жана 53 балл) 54 упай алып, 141 өлкөнүн ичинен 96-орунда турат.

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси | 20,0 | 20,0 |

Кыргыз Республикасы маалыматтык технологияларды киргизүү боюнча эң жакшы көрсөткүчкө ээ (65-орун), макроэкономикалык туруктуулук (74-орун) жана бизнес динамикалуулугу (78-орун), ал эми инновациялык потенциал боюнча эң начар (129-орун), ички рыноктун көлөмү (125-орун) , товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунун натыйжалуулугу (115-орун) жана каржы системасынын өнүгүшү (118-орун). Талданган жылы рейтингдин лидери Сингапур, экинчи орунду АКШ, үчүнчүнү - Гонконг ээледи. Россия - 43-орунда (66,7 балл), Казакстан - 55-орунда (62,9), Армения - 69-орунда (61,3). Тажикстан эки позицияны жоготуп, 52,4 балл менен - 104-орунду ээлеген.

### «Экономикалык өз алдынчалык үчүн жаштардын мүмкүнчүлүктөрү» секциясы

Секциянын көрсөткүчү 58% түзөт, бул жетиштүү канааттандырарлык индикатор эмес. Секция жаштардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жана киреше деңгээлин баалайт.

## Орточо киреше деңгээли, окууну аяктагандан кийин ишке орношуу

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Жаштардын кирешесинин орточо деңгээли | 32,0 | 25,2 |

Коронавирус пандемиясы жаштардын кирешесине жана жумушка орношуусуна терс таасирин тийгизди. Пандемиянын терс таасирлеринин ичинде чет өлкөдөн акча которуулардын азайышы болду, анын ичинде товарларга төлөө да, эмгек мигранттарынын которуулары да камтылган. Акча которуулар өлкөнүн ИДПсынын 30%га жакынын гана түзбөстөн, көптөгөн үй чарбаларынын негизги киреше булагы болуп саналат. Жаштарды иш менен камсыз кылуунун сапатынын финансылык компоненти төмөнкү деңгээлде калууда. 2016-жылдагы изилдөөгө ылайык республика боюнча жашоо минимумунун орточо деңгээлинен ашкан орточо киреше бар жаштардын пайызы (2016-жылы 4794 сом) 32% түзсө, 2021-жылы

Акыркы жылдагы 18-28 жаштагы жаштардын орточо айлык кирешеси



бул үлүшү 6268 сом жашоо минимуму 25,2% түзгөн. Мектеп окуучулары жана студенттер кирген 14-17 жаштагы жаштардын категориясын эсепке албаганда, 18-28 жаштагы жаштардын 39% кирешеси жок, 16% 9000-15000 сомго чейин, 13% - 4500-9000 сомго чейин.

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Калктын туруктуу экономикалык иш менен камсыз болушунун деңгээли | 81,0 | 61,4 |
| Жумушка орношуунун жеңилдиги | 14,0 | 15,5 |

15-28 жаштагы иш менен камсыз болгон жаштардын саны 661,7 миң адамды (экономикалык активдүү калктын 66,4%) түзөт. Жумушчу күчтүн ашыкча болушу жаштардын жумушсуздугу көйгөйүн жаратат. Алсак, сурамжылоого ылайык респонденттердин 30% жакыны окуудан кийин бир жылга чейинки мөөнөттө жумушка орношо аларын айтышкан. Жумушка орношуу боюнча күтүүлөр жөнүндө суралганда, сурамжылоого катышкандардын 15,5% гана жумуш табуу оңой же өтө оңой деп макул болушкан жана жаштардын 72,8% жумушсуздукту азыркы учурда эң актуалдуу көйгөй деп эсептешет.

Калктын санынын көбөйүшү жумушчу күчкө болгон суроо-талапты камсыз кылууну талап кылат. Болбосо, бул терс кесепеттерге алып келет: жумушсуздуктун өсүшү, жакырчылыктын өсүшү, теңсиздик, керектөөнүн төмөндөшү, социалдык чыңалуу ж.б. Өлкөдө жалпы калкка салыштырмалуу жаштардын арасында жумушсуздуктун деңгээли абдан жогору. 16-29 жаштагы жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээли 33,6% түздү. 2018-жылы 15-28 жаштагы жаштар арасындагы жумушсуздардын саны 80 миңге жакын адамды түздү, анын ичинен 15-17 жаштагы жаштардын үлүшү 4%, 18-23 жаштагылар – 53%, 24-28 жаштагылар – 43% түздү. Жаштар арасындагы жумушсуздуктун жогорку деңгээли айлык акынын аздыгынан, жашаган жеринде жумуш орундарынын жетишсиздигинен, кесиптик билимдин жана көндүмдөрдүн жетишсиздигинен, ошондой эле кесиптик тажрыйбанын жетишсиздигинен келип чыгышы мүмкүн.

## «Керектөөлөр/Муктаждыктар» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо көрсөткүчү 61,7% түзөт. Секцияда жаштардын материалдык бакубатчылыгына алардын керектөөлөрү жана муктаждыктары боюнча баа берилет.

## Миграция тажрыйбасы бар жаштардын же алардын жакындарынын үлүшү

Сурамжыланган жаштардын 30% өздөрүнүн же алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмгек миграциясында тажрыйбасы бар экенин айтышкан. Башкача айтканда, акча которуулар товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын өсүшүнө олуттуу таасирин тийгизет жана жалпысынан мигранттардын акча которууларынын жардамы менен өлкөдө, анын ичинде жаштар үчүн да жашоо шарттары жакшырууда. Бирок, өлкөнүн акча которууларына көз карандылыгы миграциядан башка өзүн жана үй-бүлөсүн багууга альтернатива жок деген ишенимди бекемдөөгө алып келиши мүмкүн.

## Негизги чыгымдар

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Тамак-ашка чыгымдар жалпы кирешесинин 30%ын түзгөн респонденттердин саны | 46,0 | 70,2 |

Жаштардын чыгымдарынын негизги беренелери тамак-аш жана кийим-кече болуп саналат. Сурамжыланган жаштардын 29,8% үчүн тамак-ашка кеткен чыгымдар кирешесинин 30%дан ашыгын, респонденттердин 25,4% кийим-кечеге кеткен чыгымдар түзөт. Ошол эле учурда жаштардын 13,5% өз кирешесинин 50%дан ашыгын билим алууга жана өнүгүүгө багыттай алат. Мурдагы изилдөө менен салыштырганда тамак-ашка чыгымдары жалпы кирешесинин 30%ын түзгөн респонденттердин саны 24%га өскөн.

## Жеке бизнесин же үй чарбасын жүргүзүүгө кызыккан жаштардын үлүшү

Жаштар ишкердиги - чакан жана орто бизнести өнүктүрүүдө маанилүү ресурс болуп саналат, анткени жаш ишкерлер бизнесте инновацияларды жакшы кабыл алышат жана тобокелчиликке барышат деп эсептелинет.[8] Сурамжылоого ылайык жаш калктын басымдуу бөлүгү (53,5%) ишкердик менен алектенүүгө кызыкдар экенин көрсөттү. Ошол эле учурда жаштар бизнес ачууну пландап жаткан рынокту изилдешпейт, ошондуктан көп учурда жоготууга учурашат.[9]

## Жеке турак жай сатып алууну пландаштырган жаштардын үлүшү

Сурамжылангандардын көбү (61%) жеке турак жайды сатып алууну каалашат. Бирок, финансылык ресурстардын жетишсиздигинен турак жайдын жеткиликтүүлүгү төмөн бойдон калууда. Жаштар үчүн турак жайдын жеткиликтүүлүгүнүн төмөн болушу көптөгөн факторлор менен шартталган, анын ичинде банктар колдонгон ресурстардын кымбаттыгынан улам ипотека боюнча жогорку пайыздык ставкалар; карыз алуучулар үчүн талап кылынган расмий кирешенин жогорку деңгээли, бул көпчүлүк жарандар үчүн кредиттерге жетүүнүн төмөндөшүнө алып келет; курулуш компанияларынын «элиталык класстагы» турак жайларды куруу же «өзү бүтүрүү» принцибинде куруу аркылуу максималдуу пайда алууга багытталгандыгынан улам биринчи жана экинчи рыноктордо кыймылсыз мүлктүн кымбаттыгы.

## «Ишке ашыруу механизмдери» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 52,9% түзөт.

## Жаштардын өз бизнесин ачууга жана жеке турак жай сатып алууга даярдыгы

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Өз бизнесин ачууга даяр жаштардын үлүшү | 25,0 | 27,2 |
| Жеке турак жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү бар жаштардын үлүшү | 9,0 | 7,9 |

Жаштардын жеке бизнесин же чарбасын жүргүзүүнү каалоосуна жана муктаждыгына карабастан, Кыргызстандын жаштарынын көбү буга даяр эмес. Индекс жагымдуу бизнес чөйрөсүн баалоонун көрсөткүчү катары жаштардын өз бизнесин ачууга даярдыгын өлчөйт. Сурамжылоонун маалыматтары боюнча 2022-жылы жаштардын 27,2% өз бизнесин ачууга даяр экенин көрсөтсө, 2017-жылы бул көрсөткүч 25% түзгөн. Респонденттер бизнес ачуунун негизги көйгөйлөрүн белгилешти: ресурстарга жетүүнүн жоктугу (78,3%), бизнести жөнгө салуу процедураларынын татаалдыгы (86,4%), маалымат жана коммуникациялардын жоктугу (88,2%). Жаштардын басымдуу көпчүлүгү (86,2%) мамлекет жаш ишкерлерге жардам бербейт деп эсептешет.

8 «Жаштарды кырдаалдык талдоо», Эльнура Казакбаева (ЮНФПА)
9 ФТТ жыйынтыктары

Жеке турак жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү бар жаштардын үлүшү аз – 7,9%, 2017-жылы бул көрсөткүч жогору болгон – 9%. Бул турак жайдын жеткиликтүүлүгү төмөндөп бараткандан кабар берет, өзгөчө аз камсыз болгон жарандардын арасында. Өкмөт тарабынан 2021-жылдын июль айында кабыл алынган 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын «Менин үйүм» турак-жай программасы өлкөнүн жарандарына узак мөөнөттүү жана арзан ипотека аркылуу каржыланган арзан турак жайларды сатып алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө багытталган.

## «Канааттануу/Бакубатчылык» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 54,1% түзөт.

## Финансылык абалга канааттануу

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Жаштардын материалдык абалына канааттануусу | 62,5 | 24,4 |

2022-жылы Кыргызстандын финансылык абалына жалпы канааттануу 2017-жылга салыштырмалуу 2,5 эседен ашык кыскарган. Эгерде 2017-жылы жаштардын 62,5% өздөрүнүн материалдык абалына канааттанса, 2022-жылы бул көрсөткүч 24,4% гана түзгөн.

Жаштардын материалдык абалына канааттануу деңгээли жашаган жерине жараша өзгөрүп турат. Финансылык абалына канааттанган жаштардын үлүшү эң жогору Нарын (73,6%) жана Ош областтарында (66,3%), эң көп наразы болгон жаштар Чүйдө (33%), Талас областында (32,2%) жана Бишкек (32,2%) шаарында болду.




Ошол эле учурда бул индикаторду эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча жаңы методологияга ылайык 2022-жылы өздөрүнүн финансылык абалына канааттанган жаштардын үлүшү 43,2% түзөт. Ошентип, материалдык абалына канааттанган жаштардын саны дээрлик 1,5 эсеге төмөндөгөн.

Финансылык көйгөйлөрдөн улам ажырашуулардын жогорку үлүшүн (88,5%) жана финансылык оор абалга дуушар болгон жаштардын үлүшүн (63,4%) да белгилей кетүү керек. Көйгөй алардын балдары келечекте киреше боюнча жакырчылыктын пропорционалдуу эмес жүгүн көтөрүшү мүмкүн болгонунда.

## Миграция

УСКнын 2014-жылдан 2018-жылга чейинки маалыматтары боюнча жалпысынан өлкөдөн 15-34 жаштагы 19 273 адам (эммигранттардын жалпы санынын 48,7%) көчүп кеткен, ошол эле учурда 7546 гана жаштар (иммигранттардын 53,7%) иммиграцияланган. Мигранттардын дээрлик төрттөн бир бөлүгүн 14-28 жаштагы жаштар түзөт[10]. Кыргызстандагы жаштардын миграциясынын иш жүзүндөгү масштабы олуттуу, ошондуктан

10 https://www.vb.kg/doc/421492_nacstatkom:_chislennost_molodeji_v_kyrgyzstane_sokrashaetsia.html

олуттуу изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жана бул көйгөйдү жана анын кесепеттерин талкуулоо процессине коомчулукту жана жооптуу мамлекеттик органдарды тартууну талап кылат.




Жаштардын пландарына ылайык алар кайда иштегиси келет деген суроого 10,5% өздөрүн чет өлкөдө же эмгек миграциясында көрөт. Миграцияга кеткенден кийин кайтып келүүнү пландабаганын белгилеген жаштардын үлүшү 13,3% түзөт. Ошентип, өлкөдө миграциялык процесстер бир жагынан жумушчу күчүнүн ашыкча болушунан, экинчи жагынан экономиканын деградациясынан улам түзүлдө.

## Экономикалык өнүгүү жана коммерция министрлигине калктын ишеним индекси

| | Калктын ишеним индекси (Экономикалык өнүгүү жана коммерция министрлиги) | «Жарандын мамлекетке болгон жеке ишеними» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээлин жеке кабыл алуу» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо» индекси |
|---|---|---|---|---|
| **2017** | 26,2 | 37,9 | 13,6 | 27,1 |
| **2021** | 27 | 35,5 | 17,8 | 26,9 |

Экономикалык өнүгүү жана коммерция министрлиги мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө калктын ишениминин деңгээли боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөрдүн бирине ээ. Бул жыйынды индекс үч индекстин көрсөткүчтөрүн камтыйт: «Жарандын мамлекетке болгон жеке ишеними», «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээлин жеке кабыл алуу» жана «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө баалоо». 2021-жылы калктын ишеним индексинин орточо мааниси 27% түзгөн.

# 3. БИЛИМ БЕРҮҮ

«Билим берүү» чөйрөсүнүн жалпы субиндекси 0,48 түздү, бул жалпысынан «канааттандырарлык деңгээлден төмөн» деп мүнөздөлүшү мүмкүн. Көрсөткүч 0,66 болгон 2017-жылга салыштырмалуу индекс кыйла начарлаган.

Бул чөйрөнү сүреттөөдө билим алуу мүмкүнчүлүктөрү, билимге болгон муктаждык, ишке ашыруу механизмдери (билим алууда) жана ээ болгон билимге канааттануу көрсөткүчтөрү колдонулган. Бул көрсөткүчтөрдүн айрымдары билим берүү индекстерине интеграцияланган, кээ бирлери улуттук статистикадан, эл аралык статистикадан жана сурамжылоонун маалыматтарынан алынган.

### Билим берүү чөйрөсү беш секциядан турат:

1. Глобалдык жана эл аралык билим берүү индекси.

2. Билим алуу мүмкүнчүлүктөрү.
3. Билим берүүдөгү керектөөлөр/ муктаждыктар.
4. Билим алууда ишке ашыруу механизмдери
5. Алган билим менен канааттануу/ бакубатчылык.

Ар бир секция тиешелүү индикаторлордун жыйындысын камтыйт. Мисалы, «Билим алуу мүмкүнчүлүктөрү» секциясында мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн индикаторлору, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуунун индикаторлору (статистикалык маалыматтар боюнча) берилген. «Билим берүүдөгү керектөөлөр/муктаждыктар» секциясында «Билим берүүнү улантууну пландаштырган респонденттердин саны» көрсөткүчтөрү камтылган жана сурамжылоодон алынган «Кесипкөйлүк жана өзүн-өзү ишке ашыруу баалуулук болуп саналган респонденттердин саны». «Билим алууда ишке ашыруу механизмдери» секциясында билим берүүгө мамлекеттик чыгымдардын индикаторлору жана мектеп мугалимдеринин эмгек акысынын калктын жан башына ИДПга карата катышынын индикаторлору камтылган. «Ээ болгон билимге канааттануу» секциясында тиешелүү индикатор (изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча), ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигине ишеним индекси колдонулган.

Жалпы билим берүү индексинин маанисине төмөнкүдөй көрсөткүчтөр таасир эткен: билим алуу маанилүү болгон жаштардын үлүшү (86,6%), окуусун улантууну пландаган жаштардын үлүшү (75,3%), окуу китептери жана окуучулардын камсыздалышы (73,5%).

Билим берүү системасында иштөөнү каалоо (7,7%), баалуулук катары кесипкөйлүк жана ишке ашыруу (7,4%) жана жаштар үчүн үлгү болгон илимпоздор (11,8%) көрсөткүчтөрү төмөн.

| Секция | Индикатор | 2022-жылдагы маани | 2022-жылдагы секциянын орточо мааниси |
|---|---|---|---|
| **Глобалдык жана эл аралык индекстер** | Билим деңгээлинин индекси (АӨИден) (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, КРдин эң жакшы натыйжага мамилеси % менен) | 69,3 | **60,4** |
| | Адам капиталынын индекси (ДБ) (эң жакшы көрсөткүч минус эң начар, КРдин эң жакшы натыйжага мамилеси % менен) | 51,5 | |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | Окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү бар жаштардын үлүшү | 66,7 | **32,0** |
| | Окумуштуулар үлгү болгон жаштардын үлүшү | 11,8 | |
| | Бош убактысын окууга жана китеп окууга жумшаган жаштардын үлүшү | 21,0 | |
| | Бош убактысын потенциалды жогорулатууга арнагысы келген жаштардын үлүшү | 55,5 | |
| | Жаштардын жалпы санына карата орто кесиптик билим берүү системасындагы окуучулардын саны (18–22 жаш) | 14,0 | |
| | Жаштардын жалпы санына карата жогорку кесиптик билим берүү системасындагы студенттердин саны (18–22 жаш) | 32,9 | |
| | Мектепке чейинки билим алуу мүмкүнчүлүктөрү | 22,0 | |
| **Керектөөлөр/ Муктаждыктар** | Окууну улантууну пландаштырган жаштардын үлүшү | 75,3 | **43,2** |
| | Билим алуу принципиалдуу болгон жаштардын үлүшү | 86,6 | |
| | Терең билим алуу үлгү катары негиз болгон жаштардын үлүшү | 11,9 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Керектөөлөр/ Муктаждыктар** | Кесипкөйлүк жана өзүн-өзү ишке ашыруу баалуулук болуп саналган жаштардын үлүшү | 7,4 | **43,2** |
| | Студенттердин жалпы санына карата Кыргыз Республикасында билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттердин үлүшү | 35 | |
| **Ишке ашыруу механизмдери** | Азыркы учурда билим алуудагы кыйынчылыктар менен байланышкан негизги көйгөй деп эсептеген жаштардын үлүшү | 93,5 | **40,9** |
| | Интернетти билим алуу максатында колдонгон жаштардын йүлүшү | 63,5 | |
| | Чыгымдардын жалпы түзүмүндө билим алууга жумшаган жаштардын үлүшү | 35 | |
| | Билим берүү системасында иштөөнү каалаган жаштардын үлүшү | 7,7 | |
| | Окуу китептердин болушу жана окуучулардын камсыздалышы | 73,5 | |
| | Мектеп педагогдорунун жана мугалимдеринин эмгек акысынын калктын жан башына ИДПга карата катышы | 16,7 | |
| | Жаштар алган патенттердин (интеллектуалдык менчик укугу) үлүшү | 13,9 | |
| | Мамлекеттик чыгымдардагы билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү | 23,3 | |
| **Канааттануу/ Бакубатчылык** | Сапатсыздыктан же жеке же үй-бүлөлүк мотивациянын жоктугунан окууну улантууну каалабаган жаштардын үлүшү | 96,6 | **62,9** |
| | Формалдык диплом алуу маанилүү болгон жаштардын үлүшү | 22,7 | |
| | Билим берүүнүн сапаты жогору деп эсептеген жаштардын үлүшү | 46,4 | |
| | Билим берүүнүн сапатына канааттанган жаштардын үлүшү | 45,7 | |
| | Азыркы учурда билим берүүнүн сапатын негизги көйгөй деп эсептеген жаштардын үлүшү | 86,7 | |
| | Жумушуна жана окуусуна канааттанган жаштардын үлүшү | 71,5 | |
| | Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы санына карата ЖРТны тапшыргандардын саны | 56,9 | |
| | Билим берүүдөгү көйгөйлөр өз бизнесин ачууга тоскоол болгон жаштардын үлүшү | 83,0 | |
| | Билим берүү уюмдарында өзүн кооптуу сезген жана зомбулукка кабылган жаштардын үлүшү | 88,0 | |
| | Билим берүү жана илим министрлигине ишеним индекси | 31,5 | |
| **«Билим берүү жана илим» секциясы боюнча көрсөткүч** | | | **47,9** |

## Глобалдык жана эл аралык индекстер[11]

Education Index социалык өнүгүүнүн негизги индикаторлорунун бири катары каралат жана Human Development Index эсептөө үчүн колдонулат.

2017-жылга салыштырмалуу Кыргызстандын тиешелүү индекси -3,2 мааниге өзгөрүп, 76,2%га салыштырмалуу 73%ды (эски эсептөө ыкмасы боюнча) түздү.

Адам капиталынын индекси боюнча Кыргызстанда 0,6, бул бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында төрөлгөн бала толук билимдүү жана ден соолугу чың болсо, 60% га өндүрүмдүү болуп өсөт дегенди билдирет. Бул Европа жана Борбордук Азия регионундагы орточо көрсөткүчтөн төмөн, бирок кирешеси ортодон төмөн болгон өлкөлөр үчүн орточо көрсөткүчтөн жогору. Адам капиталынын индексинин бир көрсөткүчүнө ылайык Кыргыз Республикасындагы студенттер шкала боюнча 420 балл алышат, мында 625 алдыңкы балл жана 300 минималдуу.

11 https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2021-02/Annual%20progress%20report-2.pdf?fbclid=IwAR30HWT15By_ciAZtWFONmb1m-tiON96O2QIBS798mJLZ_CLcO-7-XMKh-G0

**COVID-19 өлкөдөгү билим берүүнүн абалына тийгизген таасирие**

Билим берүү сектору пандемиядан эң көп жабыркагандардын бири.

Кыргыз Республикасы башка көптөгөн мамлекеттердей эле чек араларын жаап, эпидемиологиялык абал өзгөчө оор болгон аймактарга өзгөчө кырдаал режимин киргизип, карантиндик чараларды киргизген. Бул чаралардын кесепети республикадагы 6426 мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жабылышы болуп саналат, мында 1,7 миллиондон ашык бала жапа чеккен. Негизги маселе аралыктан окутуунун жеткиликтүүлүгүн камсыздоо болду.

Натыйжада, пандемия учурунда айрым улуттук жана эл аралык көрсөткүчтөр эсептелип, жарыяланганын, ошондой эле респонденттердин жоопторунда чагылдырылган пандемиянын кесепеттеринин узартылышын эске алуу менен COVID-19 билим берүүнүн айрым субиндекстери боюнча таасир этkenин беглилеп кетүү керек.

## «Билим алуудагы мүмкүнчүлүктөр» секциясы

Жаштардын билимин улантуу мүмкүнчүлүгү индексте олуттуу көрсөткүч болуп саналат 66,7%, ал эми муну кыла албагандардын арасында көпчүлүгү окууга төлөөгө акчанын жетишсиздигинин себептерин (18,9%) жана иштөөнү каалоосун көрсөтүшкөн (15,4%). Кирешелердин төмөндүгүнө байланыштуу үй-чарбалар жаштардын билим алуусу үчүн үй-бүлөлүк бюджеттен абдан аз каражат бөлүшөт, ал эми банктык жана банктык эмес мекемелерден билим берүү максаттары үчүн тышкы арзан карыздар дээрлик жок[12]. Сурамжылоого ылайык билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү чыгымдардын жалпы түзүмүндө 35% түзөт.

Кыздардын балдарга караганда 11,8% окууну улантууну көздөп жатканы, ал эми каалабагандардын арасында балдар 7,8% көп. Ошол эле учурда эки жыныстагылар үчүн үзгүлтүксүз билим алуу мүмкүнчүлүгү болжол менен бирдей - 63,1% - балдар, 69,4% - кыздар.

Ошондой эле, потенциалын жогорулатуу үчүн бош убакытты арноону каалагандардын көрсөткүчү орточо - 55,5% болуп саналат. Бул көрсөткүч курама болуп саналат.

**Бош убактысын потенциалды жогорулатууга арнагысы келген респонденттердин үлүшү**




Башка көрсөткүчтөрдүн маанилери төмөн, бул башка секцияларга караганда төмөн болгон «Билим алуудагы мүмкүнчүлүктөр» индексинин өзүндө чагылдырылган. Алсак, мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 22% түзөт. Улуттук статистикалык комитеттин аналитикалык катына ылайык[13] балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуунун төмөн болушунун себептери айыл жериндеги мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын аздыгы, үй-бүлөлөрдүн кирешесинин азайышы жана билимге болгон тикелей чыгымдардын өсүшү саналат. Бул биринчи кезекте айыл жеринде жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына таасирин тийгизген. Жакырчылыктан жана мектепке чейинки билим берүүнүн кымбаттыгынан улам көптөгөн ата-энелер балдарын үй-бүлөнүн чыгымдарын азайтуу үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарына алып барбастан, 6 жашында башталгыч мектепке киргизүүнү артык көрүшөт, анткени башталгыч билим берүү мектепке чейинки уюмдарга караганда арзаныраак.

12 https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2021-07/Ситуационный%20анализ%20молодежи%20RU.pdf

13 Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасынын натыйжалуулугун талдоо, Аналитикалык кат, Улуттук статистикалык комитет, 2020

## «Билим алуудагы керектөөлөр/муктаждыктар» секциясы

Мурдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу окуусун улантууну пландаган жаштардын көрсөткүчү өстү. Алсак, 2017-жылы 61,7%, 2022-жылы - 75,3% түздү.




Секциядагы эң жогорку болуп билимге ээ болуу маанилүү болгон жаштардын үлүшүн көрсөткөн субиндекс саналат, ал дагы 9,8 пунктка 76,8%дан 86,6%га өстү. Бирок, 2017-жылдагы сурамжылоодон айырмаланып, респонденттер бир вариантты (же билими тууралуу документ алуу, же билим алуу) тандоо менен чектелбегендигин белгилей кетүү керек. Ушуга байланыштуу билими тууралуу документ алуу да 78,3% үчүн маанилүү. Мындан тышкары, жооптун варианты пайда болду - байланыш, ал 65,3% алган.

Жаңы индикаторлордун бири болуп терең билим алуу үлгү катары негиз болгон жаштардын көрсөткүчү саналат. 11,9% көрсөткүчү төмөн, бирок башка жооптордун варианттары менен бирге карасак, жооптор болжол менен бирдей бөлүштүрүлгөнүн көрүүгө болот.

## «Билим берүүдөгү канааттануу / бакубатчылык» секциясы

Калктын ишеним индекси – калктын мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө болгон мамилесин чагылдырган, коомдун массалык маанайынын өзгөрүү динамикасынын жалпыланган көрсөткүчү. Ишеним индекси 2012-жылдан бери чогултулуп, эсептелип келет жана үч субиндекстен турат.

| | Калктын ишеним индекси (Билим берүү жана илим министрлиги) | «Жарандын мамлекетке болгон жеке ишеними» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээлин жеке кабыл алуу» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо» индекси |
|---|---|---|---|---|
| **2017 (2-жарым жылдык)** | 29 | 45,4 | 8,9 | 32,9 |
| **2021 (2-жарым жылдык)** | 31,5 | 45,3 | 17,3 | 31,2 |

2017-жылы калктын ишеним индексинин орточо көрсөткүчү 30,7, 2022-жылы 34 болгон.

## «Билим алууда ишке ашыруу механизмдери» секциясы

Жаштардын интернетти билим берүү максатында пайдалануу көрсөткүчү жогору, 62,9 жана интернетти дайыма колдонгондор менен интернетти көп колдонгондордон турат.

| Билим берүү ресурстарына кирүү үчүн интернетти канчалык көп колдоносуз? | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Дайыма | Сейрек | Эч качан | Кээде | Тез-тез |
| 30,1 | 7 | 10,5 | 18,9 | 33,4 |

Көрсөткүчкө онлайн окутуу таасир этиши мүмкүн. Бирок, дагы эле пандемия учурунда интернет, телевизор жана компьютердин жоктугунан окуучулардын 6,5% жана жумуш менен окууну айкалыштыргандардын 9,3% окуусун уланта алышкан эмес. Белгилей кетсек, айыл жаштарынын онлайн окутуудагы көрсөткүчтөрү шаардагыларга караганда төмөн (айыл жергесиндеги окуучулардын 85,4%, шаардыктардын 92%, окуучулар менен жумушчулардын арасында ошол эле катыш сакталууда), имараттар жабылганына карабастан.

Билим берүү уюмдарында иштөөнү каалоонун көрсөткүчү өтө төмөн (7,7%), балким, бул дагы бир көрсөткүч менен шартталган - мектеп мугалимдеринин жана мугалимдеринин эмгек акысынын калктын жан башына ИДПга карата катышы (16,7%). 2019-жылы билим берүү тармагында орточо айлык акы Бишкек шаарында 16 миң 632 сомду, Ош шаарында 14 миң 807 сомду, эң төмөнкү айлык акы Ош областында 10 миң 265 сомду түздү. Эмгек акынын айырмасынан улам көптөгөн жумушчулар жана жаштар борборго көчүп барышат, бул шаарларда жумушсуздуктун жогору болушуна, айыл жеринде жана чет жерлердеги кадрлардын жетишсиздигине алып келет, бул окуучулардын жогорку окуу жайларга даярдануу деңгээлине да таасирин тийгизүүдө. [14]

Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 «Билим берүү системасындагы мугалимдерге жана айрым категориядагы кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомуна ылайык 2022-жылдын 1-апрелинен тартып билим берүү кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулатылган.

## 4. МАДАНИЯТ

Маданият чөйрөсүндөгү жалпы субиндекс 0,15 түзөт, аны жалпысынан «абдан төмөн» деп мүнөздөөгө болот. Бул индекстин башка чөйрөлөрүнүн ичинен эң төмөнкү көрсөткүч. 2017-жылдын индексинин жыйынтыгына салыштырмалуу маданият чөйрөсү өз көрсөткүчтөрүн 2 эседен ашык начарлатты. 2017-жылы жалпы субиндекс 0,36 түзгөн.

«Маданият» чөйрөсү төрт бөлүктөн турат: маданий эс алуу мүмкүнчүлүгү, маданий эс алууга болгон муктаждыктар, ишке ашыруу механизмдери (маданий эс алууда) жана канааттануу деңгээли. Ар бир секция тиешелүү индикаторлордун жыйындысын камтыйт. «Маданий эс алуу мүмкүнчүлүктөрү» секциясында маданий иш-чараларга, анын ичинде ннтернетке жеткиликтүүлүктүн көрсөткүчтөрү, ошондой эле талданган мезгил ичинде маданий жана эс алуу жайларынын көбөйүшү кирет. «Маданий эс алууга болгон муктаждыктар» секциясында сурамжылоодон алынган тиешелүү көрсөткүч, ошондой эле уюштурулган эс алуунун жоктугу жөнүндө маселени көтөргөн жаштардын үлүшү камтылган. «Ишке ашыруу механизмдери» секциясында маданиятка мамлекеттик чыгымдардын көрсөткүчтөрү, маданий жайларга келген респонденттердин саны, искусствого, көңүл ачууга жана эс алууга ИДПнын үлүшү берилген. Төртүнчү секцияда «Канаттануу» Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине ишеним индексин, «Чыгармачылык багыт боюнча ОКОЖдордун жана ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн саны», ошондой эле «Чыгармачылык багыт боюнча Кыргыз патентинен укук алуу үчүн алынган күбөлүктөрдүн саны» индикаторун камтыйт. Маданияттын өнүгүшүнө тиешелүү эл аралык индекстер бул бөлүмдө алардын жоктугунан, толук эмес маалыматтардан же эскирген маалыматтардан улам колдонулган жок.

14 Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын натыйжалуулугун талдоо, Аналитикалык кат, Улуттук статистика комитети, 2020

| Секция | Индикатор | Шкала | Маани % менен | Секциянын орточо мааниси |
|---|---|---|---|---|
| | | | 2022 | 2022 |
| Мүмкүнчүлүктөр | Маданий иш-чаралар үчүн мүмкүнчүлүктөр | 0-100% | 1,8 | 33,1 |
| | Маданий иш-чараларга жетүү | 0-100% | 62,1 | |
| | Интернет мейкиндигиндеги маданий иш-чараларга жетүү | 0-100% | 67,5 | |
| | Талданган жылдарда маданий жана эс алуу жайларынын көбөйүшүнүн % | 0-100% | 1,0 | |
| Керектөөлөр/ Муктаждыктар | Маданий эс алуу муктаждыктары | 0-100% | 14,8 | 8,1 |
| | Уюшкан эс алуунун жоктугун актуалдуу көйгөй катары көргөн жаштардын үлүшү | 0-100% | 1,4 | |
| Ишке ашыруу механизмдери | Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу үчүн ИДПнын үлүшү | 0-100% | 0,4 | 1,0 |
| | 1000 кишиге маданий жайларга келген респонденттердин саны | 0-100% | 1,0 | |
| | Маданиятка карата мамлекеттик чыгымдар | 0-100% | 1,5 | |
| Канааттануу/ Бакубатчылык | Чыгармачылык чөйрөсүндөгү окуждордун жана жождордун бүтүрүүчүлөрүнүн саны менен талданып жаткан студенттердин жалпы санынын катышы | 0-100% | 0,2 | 18,9 |
| | Чыгармачылык багыт боюнча Кыргыз патентинен укук алуу үчүн алынган күбөлүктөрдүн саны | 0-100% | 13,9 | |
| | Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине ишеним индекси | 0-100% | 42,7 | |
| «Маданият» бөлүмү боюнча индекс | | | | 15,3 |

## «Мүмкүнчүлүктөр» секциясы

Бул секциянн жыйынды орточо мааниси 33,1% түзөт.

## Маданий иш-чаралар үчүн мүмкүнчүлүктөр

Сурамжылоого ылайык жаштардын потенциалдуу бош убактысынын көбүн үй жумуштары ээлейт. Жаштардын 5,2% гана театрларга жана музейлерге барышат, жаштардын басымдуу бөлүгү – 42,2% үй жумуштары менен алектенет жана 34% достору менен эс алууну же ата-энесине жардам берүүнү артык көрүшөт. Бул бир жагынан маданий объектилерге жеткиликтүүлүктүн төмөндүгүн көрсөтөт, экинчи жагынан, жаштар бош убактысында үй-бүлөгө үй жумуштарына жардам берүүгө аргасыз болушат же алар бош убактысын таптакыр башка жол менен өткөрүүнү туура көрүшөт, мисалы, сыналгы көрүү же социалдык тармактарда отурушат.



## Маданий иш-чараларга жетүү

«Маданий иштин жеткиликтүүлүгү» субиндикатору орточо көрсөткүчко ээ - 62,1%. Бул китепканалар, жаштар борборлору, ийримдер, парктар, театрлар, клубдар, музейлер жана кинотеатрлар сыяктуу жерлерге жетүүнүн жыйынды көрсөткүчү. «Театрларга жана музейлерге жетүү мүмкүнчүлүгү» категориясын өзүнчө ала турган болсок, анда сурамжылоого ылайык жаштардын 60%дан ашыгы жашаган жеринде музей жана театрлар жок же алар жараксыз абалда деп айтышат. Маданият мекемелери ошондой эле каржылоонун жетишсиздиги, моралдык-техникалык жактан эскирген материалдык-техникалык базасы, маданият үйлөрүнүн репертуарынын чектелгендиги ж.б көйгөйлөрдү айтышууда[15]. Азыркы учурда клубдар/кинотеатрлар жана китепканалар сыяктуу калктын калың катмарына багытталган маданий инфраструктуранын маанилүү мекемелери оор абалда. Респонденттердин жашаган жеринде клуб жана кинотеатр бар экендиги тууралуу суроого алардын жарымы жок деп жооп беришкен, жаштардын 25% бул объектилер жараксыз же оңдоого муктаж деп эсептешет, ал эми 30% бар деп айтышты. Жаштардын айтымында, китепканалардын абалы бир аз жакшыраак. Ошентип, жаштардын 38% жамааттарындагы китепканалардын абалын «жакшы» деп баалашат. Сурамжылоодо ошондой эле балдар аянтчалары, диний объекттер, парктар, интернет-кафелер жана башкалар сыяктуу башка объектилердин абалына баа берүү сунушталган. Натыйжада бардык сунушталган объектилердин ичинен эң жеткиликтүү болуп диний объектилер (мечиттер, храмдар, чиркөөлөр ж.б.у.с.) аныкталды.

## Интернет мейкиндигиндеги маданий иш-чараларга жетүү

Бүгүнкү күндө интернет көркөм көргөзмөлөр жана концерттер, китептер жана спектаклдер тууралуу көп сандагы маалыматка жол ачып, маданият менен таанышуунун жеткиликтүүлүгүн жогорулатат. Азыркы жаштар санариптик муун болгондугун, алардын өсүп-өнүгүшү санариптик технологиялар менен тыгыз байланышта жүрүп жатканын эске алуу менен жаштардын оюн-зоок ресурстарына баруу үчүн интернетти колдонгондорунун үлүшүн чагылдырган субиндикатор киргизилди. Быйыл бул көрсөткүч 67,5% түздү. Бирок, белгилей кетүүчү нерсе, бул интернет-ресурстарда санариптик китепканалар, мультимедиялык көргөзмөлөр жана башкалар сыяктуу маданий иш-чаралар гана эмес, жөн гана оюн-зоок контенттери да камтылган.










15 https://soros.kg/wp-content/uploads/2021/11/cultural_modernization_2021.pdf

МАДАНИЯТ

## Талданган жылдарда маданий жана эс алуу жайларынын өсүшү




Быйыл маданий жана эс алуу жайлары 2017-жылга салыштырмалуу 1% өскөн. Материалдык-техникалык базаны жаңылоого, кадрдык потенциалга жана маданият мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына байланыштуу системалык көйгөйлөрдү чечүү жөнүндө айтпаганда да, беш жылдын ичинде өлкөдө маданий объектилерди реконструкциялоо жана куруу боюнча кырдаал анчалык өзгөргөн жок.

## «Керектөөлөр/Муктаждыктар» секциясы

Бул секциянын жалпы орточо мааниси 8,1% түзөт.

## Маданий эс алуунун муктаждыктары

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Маданий эс алуунун муктаждыктары | 81,7 (16%) | 29,3 |

2022-жылы жаштардын бош убактысын маданиятка арноону каалоосун чагылдырган көрсөткүч болгону 29,3% түзөт. 2017-жылы бул көрсөткүч 81,7% түзгөн, ошол эле учурда отчетто баса белгиленгендей, жаштардын маданий эс алууга болгон муктаждыгы алардын маданиятка болгон чыныгы муктаждыгын билдирбей турганын эске алуу керек. Эс алуу убактысын маданияттуу өткөрөм дегендердин олуттуу бөлүгү (73%) сыналгы көрүү жана музыка угууну билдирген. Жаштардын бул чоң тобун эсепке албаганда, респонденттердин 16% гана маданий объектилерге (театрлар, музейлер, көргөзмөлөр ж.б.) барышат же окушат. Ушуга байланыштуу 2017-жылга салыштырмалуу абалдын жакшырганын көрүп жатабыз, бирок көрсөткүч дагы да болсо төмөн деңгээлде калууда. Маданий эс алууга муктаждыктын төмөндүгүнүн себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн: 1) Маданият мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатынын төмөндүгү жана түрлөрүнүн жоктугу; 2) жаштардын арасында маданий эс алуунун көз караштары, нормалары жана моделдери начар жайылтылган; 3) Санариптештирүү процесси жаштардын маданиятты өлчөөсүн өзгөртүүдө. Азыркы жаштар маданият мекемелерине баргандан көрө интернетте көбүрөөк убакыт өткөрүүнү артык көрүшөт.

## Уюшка эс алуунун жоктугун актуалдуу көйгөй катары көргөн жаштардын үлүшү

Сурамжылоого ылайык жаштар өлкөдө уюшкан эс алуунун жоктугу деген маселени эң артыкчылыктуу маселелердин бири катары эсептешет (4,8%). Ошол эле учурда жаштарды жумуш менен камсыз кылуу, материалдык бакубатчылык жана сапаттуу билим берүү маселелери көбүрөөк тынчсыздандырып жатканын түшүнүү керек. Ошентип, жаштардын



абалы туруксуз бойдон калууда, жаштар толук камсыз болгондугун жана корголгондугун сезишпейт, демек, бош убакытты өткөрүүдөгү көйгөйлөр экинчи планга кетет. Бул маселени билбегендиктен бош убакытты натыйжалуураак өткөрүү программаларын иштеп чыгуу жана уюштуруу үчүн жаштардын маданий жана эс алуу иштерине мониторингдик изилдөөлөрдү системалуу түрдө жүргүзүү зарыл.

## «Ишке ашыруу механизмдери» секциясы

Бул чекциянын жыйынды орточо мааниси 1,0% түзөт.

### Маданиятка карата мамлекеттик чыгымдар

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Маданиятка карата мамлекеттик чыгымдар | 1,6 | 1,5 |

«Маданият» чөйрөсүнө мамлекеттик бюджеттин чыгаша бөлүгү минималдуу деңгээлде калып, анын сакталышын гана камсыз кылууда. «Маданият жөнүндө» мыйзамга ылайык аны каржылоонун үлүшү республикалык бюджетте 3% болушу керек, бирок маданиятка кеткен чыгымдардын иш жүзүндөгү үлүшү 1,5% түзөт. 2017-жылга салыштырмалуу чыгашалардын үлүшү 0,1%га азайган. Каржылоонун аздыгынан улам бир катар мекемелер иш жүзүндө консервация режиминде турат, алардын нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн материалдык жана финансылык ресурстар жетишсиз. Мамлекеттик эмес каржылоо боюнча маданият объектилери мамлекеттик эмес булактар (демөөрчүлүк, гранттык долбоорлор, кайрымдуулук фонддору ж.б.) тарабынан начар тартылып жатканын белгилей кетүү керек. Кээ бир маданият мекемелери көйгөйлөрдү өз алдынча чечип, активисттик, убактылуу, эмгек ресурстарынын эсебинен иш алып барат[16].

### 1000 кишиге маданий жайларга барган респонденттердин саны

Сурамжылоого ылайык жаштардын бир аз пайызы (1000 адамга 1%) маданий жайларга барат. Маданият мекемелерине аз катышуунун себептери калктын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатынын төмөндүгү жана алардын ар түрдүүлүгү, жаңы маданий жетишкендиктерди же маданий иш-чараларды жайылтуу механизминин начардыгы ж.б.

## «Канааттануу/Бакубатчылык секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 21,5% түзөт.

### Чыгармачылык багытында жаштардын үлүшү

Маданиятты маданияттуу эс алуу программаларын жана социалдык-маданий чөйрөдөгү адистерди жана чыгармачылык багыттарын түзүү аркылуу өнүктүрүү мүмкүн. Алсак, чыгармачылык адистиктер боюнча ОКОЖдорду жана ЖОЖдорду бүтүрүүчүлөрдүн саны бүтүрүүчүлөрдүн жалпы санына карата 0,2% гана түзөт. Чыгармачылык багыт боюнча Кыргыз патентинен укук алуу үчүн алынган күбөлүктөрдүн саны – 13,9%.

16 https://soros.kg/wp-content/uploads/2021/11/cultural_modernization_2021.pdf

## Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине ишеним индекси

| | Калктын ишеним индекси (Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги) | «Жарандын мамлекетке болгон жеке ишеними» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээлин жеке кабыл алуу» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо» индекси |
|---|---|---|---|---|
| **2017** | 45,7 | 53,4 | 41,2 | 42,5 |
| **2021** | 42,7 | 49,9 | 36,0 | 41,5 |

2017-жылга салыштырмалуу быйыл калктын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине ишеними 3%га төмөндөп, 42,7% түздү. Бул мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө калктын ишениминин деңгээли боюнча эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири.

# 5. ДЕН СООЛУК

«Ден-соолук» чөйрөсүндө жалпы субиндекс 0,51 түздү, аны «канааттандырарлык деңгээл» деп мүнөздөөгө болот. 2017-жылга салыштырмалуу көрсөткүчтөр начарлады, бирок бир аз (0,5ке). 2017-жылы «Ден соолук» субиндекси 0,56 болгон.

«Ден-соолук» чөйрөсү беш бөлүмдөн турат: 1. Глобалдык жана эл аралык индекстер; 2. Жаштардын сергек жашоо мүнөзүн (ЖСЖ) сактоо мүмкүнчүлүгү; 3. Жаштардын сергек жашоо мүнөзүнө жана спорттук имараттарга болгон муктаждыктары жана талаптары; 4. Ишке ашыруу механизмдери; 5. Саламаттык сактоо системасынын ишине канааттануу.

| Секция | Индикатор | Шкала | Маани % менен | Секциянын орточо мааниси |
|---|---|---|---|---|
| | | | 2022 | 2022 |
| **Глобалдык жана эл аралык индекси** | Сергек жашоонун узактыгы индекси (ДСДУ) | 0-100% | 71,5 | **53,5** |
| | Энелердин өлүмүнүн индекси | 0-100% | 36,1 | |
| | Сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук (жалпысынан 29 жашка чейинки бойдон алдырууладын үлүшү) | 0-100% | 53,0 | |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | Физкультура жана спорт менен машыгуу объекттеринин жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли | 0-100% | 22,4 | **46,4** |
| | Физкультура же спорт менен дайыма машыгууну каалаган жаштардын үлүшү | 0-100% | 70,3 | |
| **Керектөөлөр/ Муктаждыктар** | Сергек жашоо мүнөзү жөнүндө маалымдар жана билген жаштардын үлүшү | 0-100% | 88,0 | **85,7** |
| | Тынчсыздануну жана өзүн коргоосуз сезгенде ичкиликти колдонгон жаштардын үлүшү | 0-100% | 92,0 | |
| | Спорттук объектилерге туруктуу баруучу жаштардын үлүшү | 0-100% | 77,2 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Ишке ашыруу механизмдери** | Ичүүчү таза суу жеткиликтүү болгон калктын үлүшү | 0-100% | 94,1 | **29,9** |
| | 14-28 жаштагы гепатит менен ооругандардын саны | 0-100% | 1,0 | |
| | Акыркы үч жылда медициналык кароодон өткөн жаштардын үлүшү | 0-100% | 78,7 | |
| | Саламаттык сактоо чыгымдары, ИДПга карата % менен (дүйнөлүк орточо чыгашалар 9,97%) | 0-100% | 2,6 | |
| | Психологиялык кызматтарга кайрылган жаштардын үлүшү | 0-100% | 6,0 | |
| | Жаштардын бюджетинен ден соолукту чыңдоого чыгымдар | 0-100% | 2,7 | |
| | Физкультура жана спорт менен активдүү машыккан жаштардын үлүшү | 0-100% | 24,4 | |
| **Канааттануу/ Бакубатчылык** | Калктын жалпы санындагы жаштардын өлүмүнүн үлүшү | 0-100% | 3,1 | **38,3** |
| | Майыптыкка ээ болуу тажрыйбасы жок жаштардын санынын өсүшү | 0-100% | 94,0 | |
| | Ден соолугуңузга канааттануу | 0-100% | 54,2 | |
| | Жаштар үчүн медициналык мекемелердин жана кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли | 0-100% | 17,7 | |
| | Позитивдүү маанай (сезимдер) үстөмдүк кылган жаштардын үлүшү | 0-100% | 37,2 | |
| | Саламаттык сактоо министрлигине калктын ишеним индекси | 0-100% | 23,5 | |
| **«Ден-соолук» бөлүмү боюнча индекс** | | | | **50,8** |

## «Глобалдык жана эл аралык индекстер» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 53,5% түзөт.

## Сергек жашоо индекси (ДСДУ)

Өмүрдүн узактыгынын деңгээли индекси - дүйнө өлкөлөрүндөгү орточо жашоо узактыгынын негизги көрсөткүчү болуп саналат. Социалдык подсистемалардын кеңири спектрин өнүктүрүүнүн көрсөткүчү болуу менен ал негизинен мамлекеттин башкаруу аппаратынын жана анын социалдык саясатынын натыйжалуулугу менен байланышкан. Жалпысынан жашоонун күтүлгөн узактыгынын өсүшү төмөнкүлөрдүн натыйжасы экендиги жалпы кабыл алынган: экономикалык өнүгүү; илимий прогресс (биринчи кезекте медицина тармагында); калктын гигиеналык маданиятынын жана билим деңгээлинин өсүшү. Бирок, акыркы он жылдыкта көпчүлүк өлкөлөрдө жашоонун узактыгы олуттуу түрдө өскөнүнө карабастан, бул көрсөткүч жашаган жылдар активдүү жана саламат болгон-болбогондугун эске албайт[17]. Кыргызстан бул рейтингде орточо жашоо узактыгы 71,5 жаш менен 191 өлкөнүн ичинен 123-орунда турат.

## Энелердин өлүмүнүн индекси

2020-жылдан бери Кыргызстанда энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү 2019-жылга чейин тынымсыз төмөндөп, 2021-жылы төрөлгөн 100 миң балага энелердин өлүмү 36,1%ды түзгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан дагы да болсо энелердин өлүмү боюнча биринчи орунда турат. Азыр себептери көбүнчө өнөкөт оорулар, ошондой эле, негизинен, төрөттөн кийинки мезгил менен байланышкан кыйынчылыктар жана кош бойлуулук

17 https://gtmarket.ru/

учурундагы гипертониялык бузулуулар, ошондуктан үй-бүлөнү пландаштыруу жана репродуктивдүү ден соолук маселесине өзгөчө көңүл буруу зарыл[18].

## Сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук (жалпысынан 29 жашка чейинки бойдон алдыруулардын үлүшү).

2021-жылы Кыргызстанда 29 жашка чейинки аялдардын боюнан алдырган 9047 учуру (жалпысынан 53%) катталган. Аборттордун мынчалык көп болушуна таасир эткен себептер, биринчи кезекте, контрацептивдердин жетишсиздиги жана үй-бүлөнү пландаштыруу ыкмаларын жетишсиз маалымдуулук менен шартталган. Бул көрсөткүчкө туруктуу жумуштун жоктугу жана экономикалык кыйынчылыктар, турак жайдын, медициналык шарттардын жоктугу, жаш курак жана эне болууга даяр эместик, балалуу болууну каалабоо сыяктуу факторлор да таасир этет.

## «Мүмкүнчүлүктөр» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 46,4% түзөт.

## Дене тарбия жана спорт менен машыгуу объекттеринин жеткиликтүүлүк деңгээли

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Дене тарбия жана спорт менен машыгуу үчүн объекттердин жеткиликтүүлүк деңгээли | 26,1 | 22,4 |

Жаштардын жогорку үлүшү (70,3%) дене тарбия же спорт менен үзгүлтүксүз машыгууну каалашат. Бул жакшы көрсөткүч, анткени физикалык активдүүлүк жүрөктүн, мээнин жана бүткүл адамдын денесинин саламаттыгын сактоо үчүн олуттуу пайда берет. Андыктан жаш кезинде эле дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу алдын алуу чаралары менен организмдин коргонуу күчтөрүн бекемдөө абдан маанилүү. Сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, 2017-жылдан бери спорттук объектилердин (короолордогу жана сейил бак аймактарындагы спорт аянтчалары, футбол аянтчалары, бассейндер, лыжа базалары, дене тарбия борборлору) дене тарбия көнүгүүлөрү үчүн жеткиликтүүлүк деңгээли 3,7%га төмөндөгөн. Дене тарбия менен машыгуу үчүн объектилердин жеткиликтүүлүгүнүн төмөндүгү жана бош убактысынын жоктугу жаштардын дене тарбия менен үзгүлтүксүз алектенишине тоскоол болгон негизги себептер болуп саналат. Алсак, калктуу конуштун аймагында же ага жакын жерде спорттук объекттердин жоктугунан жаштардын 20,4 % дене тарбия жана спорт менен туруктуу машыгышпайт.

## «Керектөөлөр/Муктаждыктар» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 85,7% түзөт.

## Сергек жашоо мүнөзү жөнүндө маалымдар жана билген жаштардын үлүшү

Жаштар физикалык көнүгүүлөрдүн жана сергек жашоо мүнөзүн сактоонун артыкчылыктары жөнүндө жетиштүү маалыматка ээ (88%), ошентсе да 8% тынчсыздануудa же өзүн коргоосуз сезгенде алкоголдук ичимдиктерди колдонушат. Маалыматтык-коммуникациялык кампаниялар бардык деңгээлдерде, анын ичинде социалдык тармактарда, ден соолуктун кеңири спектри жана физикалык активдүүлүктүн социалдык жана экономикалык пайдасы жөнүндө маалымдуулукту жана билимди жогорулатуу үчүн зарыл.

18 https://kyrgyzstan.un.org/

## Спорттук объектилерге туруктуу баруучу жаштардын үлүшү

Жаштар тарабынан физикалык активдүүлүк менен алектенүү үчүн айтылган тоскоолдуктарга карабастан, жаштардын 77,2% спорттук объектилерге үзгүлтүксүз барышат.

## «Ишке ашыруу механизмдери» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 29,9% түзөт.

## Ичүүчү таза суу жеткиликтүү болгон калктын үлүшү

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Таза ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгү | 89,9 | 94,1 |

Бүгүнкү күнгө чейин өлкөдө калк ичүүчү таза суу менен толук камсыздала элек. УСКын маалыматы боюнча акыркы беш жылда калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылууда жылыштар байкалды. 2022-жылы бул көрсөткүч 94,1% түзүп, 2017-жылга салыштырмалуу 4,2%га жогору. ТӨМгө жетүү максатында өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосу менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана канализация тутумдарын 2026-жылга чейин өнүктүрүү программасына ылайык ТӨУС 2040 ишке ашыруу боюнча 2026-жылга карата төмөнкү көрсөткүчтөр аныкталган: - республикалык, областтык, райондук маанидеги шаарларды 95%дан кем эмес ченемдик сапаттын талаптарына жооп берген борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо; - айыл жеринде жашаган 2000,0 миңден ашык калкты борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо; - айыл статусу менен райондук борборлордо жашаган калктын 70% кем эмесин канализация тутумдары менен камсыз кылуу ж.б.

## 14-28 жаштагы гепатит менен ооругандардын саны

Өлкөдө гепатит менен оору азайып, 2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу гепатит менен оору 8,8%га азайган. 706 учур катталган (2021-жылы – 760). Ошол эле учурда алардын көбү вирустук гепатит А – 654 учур (92,6%). Жогорку көрсөткүчтөр Баткен жана Ош областтарында, ошондой эле Ош шаарында белгиленген[19].

2022-жылы 14-28 жаштагы гепатит менен ооругандардын саны 1%ды түзгөн.

## Акыркы үч жылда медициналык кароодон өткөн жаштардын үлүшү

Акыркы үч жылда жаштардын 78,7% медициналык кароодон өткөн. Жаштардын дайыма пландуу медициналык кароодон өтүп турушу жакшы тенденция, анткени бул ар кандай оорулардын алгачкы стадиясында пайда болушунун алдын алат.

## Саламаттык сактоо чыгымдары, ИДПга карата % менен (дүйнөлүк орточо чыгашалар 9,97%).

Өлкөдө саламаттык сактоо системасын каржылоонун жетишсиздиги белгиленүүдө. 2022-жылы саламаттык сактоого кеткен чыгымдардын ИДПдагы үлүшү 2,6%ды түздү. Ал эми бул көрсөткүч дүйнөдө орточо 9,97% түзөт. Бул көрсөткүч каржылоону пайдалануунун натыйжалуулугун эске албаганына, ошондой эле ИДПнын көлөмүнө көз каранды экендигине карабастан, мамлекет тарабынан жарандардын ден соолугуна көңүл буруунун деңгээлин чагылдырат.

19 https://dgsen.kg/deyatelnost/upravlenie-profilaktiki-infekcionnY/ezhemesYachnYj-bjulleten-sjesizn/bjulleten-za-2022-god.html

Психологиялык кызматтарга кайрылган жаштардын үлүшү. Жаштар тынчсызданса жана өзүн коопту сезсе, 6% гана кесипкөй психологиялык жардамга кайрылышат. Жаштардын дээрлик 50% колдоо алуу үчүн туугандарына же досторуна кайрылууну артык көрүшөт. Жаштардын 14% эч кимге кайрылышпайт - бул тынчсыздандыруучу белги болушу мүмкүн, анткени көйгөй жөнүндө айтпоо психологиялык жана эмоционалдык абалга терс таасирин тийгизиши мүмкүн.




## Жаштардын бюджетинен ден соолукту чыңдоого чыгымдар

Көпчүлүк респонденттер ден соолугун абалын сактоо үчүн ай сайын кирешесинин 20% чегинде сарпташат. Респонденттердин көпчүлүгү үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар чоң жүк болуп саналат.

ФТТнын алкагында айрым респонденттер медициналык камсыздандырууну сатып алууну милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен алмаштырышат. Катышуучулардын бири да өз каалоосу менен медициналык камсыздандырууну сатып алган эмес, чет өлкөгө чыкканда гана сатып алууга аргасыз болушкан. Жалпысынан катышуучулар өздөрүн жакшы сезишет, өздөрүн дени сак жана аны сатып алуунун зарылчылыгы жок деп эсептешет, анткени бул кошумча финансылык чыгымдарды талап кылат.

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Жигердүү жана сергек жашоо образын карманган жаш калктын үлүшү | 36,2 | 24,4 |

## Дене тарбия жана спорт менен активдүү машыккан жаштардын үлүшү

2017-жылга салыштырмалуу дене тарбия жана спорт менен активдүү алектенген жаштардын үлүшү 11,8%га кыскарган. Жогоруда айтылгандай, дене тарбия менен машыгуу үчүн объекттердин жеткиликтүүлүгүнүн төмөндүгүнөн жана бош убакыттын жоктугунан болушу мүмкүн. Мындан тышкары «спорттук объекттердин жана спорттук шаймандардын абалы начар», «акынын кымбаттыгы» сыяктуу тоскоолдуктар айтылды.

## «Канааттануу/Бакубатчылык» секциясы

Бул секциянын жыйынды орточо мааниси 23,6% түзөт.

## Калктын арасында жаштардын өлүмүнүн үлүшү жана майыптуулуктун пайда болуу учурлары

Калктын арасында жаштардын өлүмүнүн үлүшү 3,1% түзөт. Дүйнөлүк тенденцияга боюнча Кыргызстанда 14-28 жаш курактагы адамдардын эрте өлүмүнүн негизги себептери болуп жол кырсыктары, суициддер, нерв системасынын көйгөйлөрү, шишик оорулары саналат. 94% - 2022-жылы майыптыкктын пайда болуу тажрыйбасы жок жаштардын санынын өсүшү.

## Ден соолугуңуздун абалына канааттануу

| Индикатор | Маани, % | |
|---|---|---|
| | 2017 | 2022 |
| Ден соолугуңуздун абалына канааттануу | 85,1 | 54,2 |

Кыргызстанда жаштардын ден соолугунун абалына жалпы канааттануусу орточо деңгээлде. Сурамжылоонун маалыматтары боюнча 7 баллдык шкала боюнча (7 – дээрлик канааттануу, 1 – эң аз канааттануу) респонденттердин 54,2% 5тен 7 баллга чейин, 27,9% 1ден 3 баллга чейин баа беришти. Белгилей кетсек, 2017-жылы калктын ден соолуктун абалына канааттануусу кыйла жогору болгон. Алсак, респонденттердин 85,1% 5тен 7 баллга чейин, 6,7% 1ден 3 баллга чейин баа беришкен. Буга коронавирус инфекциясынын кесепеттери себеп болушу мүмкүн. Коронавируска каршы республикалык штабдын расмий статистикасына ылайык Кыргызстанда жалпысынан коронавируска чалдыккан 85 миңге жакын учур катталган. Бирок, бул цифра кыйла жогору болушу мүмкүн, анткени кээ бир адамдар дарыгерлерге кайрылбастан, жеңил түрү менен ооруушкан.




Аймактар боюнча ден соолуктун абалына дээрлик канааттанган жаштар Нарын областында (87,6%) жана Ош шаарында (80,7%), эң азы – Ош областында (20,9%) жана Бишкек шаарында (19,9%) жашашат. Жалпысынан ден соолуктун абалына канааттануу деңгээли жогору жана орточо 76% түзөт.

## Жаштар үчүн медициналык мекемелердин жана кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн деңгээли

Жаштардын саламаттык сактоо мекемелеринин жана кызматтарынын жеткиликтүүлүгүнө канааттануусу төмөн бойдон калууда (17,7%). Респонденттердин көпчүлүгү сунушталган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын «канааттандыраарлык» деп баалашты. «Жакшы» деңгээлдеги эң жогорку баалар медициналык процедуралардын жана эмдөөлөрдүн (30,5%), тиш дарылоо жана протездөөнүн (29,8%), ошондой эле диагностикалык процедуралардын (26,7%) болушу жана сапаты боюнча категориялар алган.

| № | Кызматтардын аталышы | Абдан начар | Абдан жакшы | Начар | Канаат-тандырдык | Жакшы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акысыз кызматтардын тизмеси | 20,4 | 8,6 | 20,3 | 32,4 | 18,3 |
| 2. | Медициналык адистердин консультациялары | 12,5 | 9,4 | 19,6 | 35,3 | 23,2 |
| 3. | Лабораториялык тесттер | 12,8 | 8,5 | 16,8 | 36,0 | 25,8 |
| 4. | Диагностикалык процедуралар (ЭКГ, УЗИ ж.б..) | 11,4 | 9,4 | 14,2 | 38,3 | 26,7 |
| 5. | Тиш дарылоо жана протездөө | 12,0 | 13,6 | 11,9 | 33,3 | 29,2 |
| 6. | Дарылоо процедуралары, эмдөөлөр | 10,1 | 10,9 | 10,6 | 37,9 | 30,5 |
| 7. | Операциялар | 12,8 | 9,5 | 14,8 | 36,9 | 26,0 |
| 8. | Маалымкат алуу | 12,5 | 9,5 | 14,9 | 36,1 | 27,1 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9. | ФАПка жана башка медициналык мекемелерге инфраструктуралык жеткиликтүүлүк | 12,4 | 10,1 | 14,3 | 37,5 | 25,7 |
| 10. | Адистерге онлайн жазылуу | 17,9 | 9,8 | 18,0 | 31,9 | 22,4 |
| 11. | Үй-бүлөнү пландаштыруу жана кош бойлуулукту башкаруу маселелери | 15,6 | 10,4 | 14,4 | 34,6 | 25,0 |

### Позитивдүү маанай (сезимдер) үстөмдүк кылган жаштардын үлүшү

Позитивдүү маанай үстөмдүк кылган жаштардын үлүшү 37,2% гана түзөт. Сурамжылоонун негизинде бүгүнкү күндө жаштар башынан өткөргөн эң негизги 5 сезим (маанай) аталды: активдүүлүк (47,7%), белгисиздик (28%), тынчсыздануу (27,8%), пассивдүүлүк (22%), озүн жоготуу (19,7%). Бул абдан кооптондурган көрсөткүч, анткени жаштардын көбү тынчсыздануу жана белгисиздикке дуушар болушат. Областтар боюнча терс эмоцияларды (коопсуздук, ачуулануу, белгисиздик, үмүтсүздүк, агрессивдүүлүк ж.б.) баштан кечирген жаштардын эң көп үлүшү Жалал-Абад жана Ысык-Көл областтарында катталган. Албетте, тышкы факторлор жаштардын психикалык жана эмоционалдык абалына катуу таасир этет, атап айтканда, келечекке, карьералык келечекке, сапаттуу билим алууга, бул өлкөдө өзүн-өзү ишке ашырууга, ж.б. Жаштар келечекке болгон ишенимди сезиши үчүн жаштар саясаты мамлекеттин артыкчылыктуу тизмесинде болушу керек.

### Саламаттык сактоо министрлигине калктын ишеним индекси

| | Калктын ишеним индекси (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги) | «Жарандын мамлекетке болгон жеке ишеними» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээлин жеке кабыл алуу» индекси | «Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо» индекси |
|---|---|---|---|---|
| **2017** | 14,3 | 34,2 | -9,0 | 17,8 |
| **2021** | 23,5 | 40,7 | 3,8 | 25,5 |

Калктын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине ишенимининин деңгээли боюнча эң төмөнкү көрсөткүч Саламаттык сактоо министрлигинде (23,5%). Бул жыйынды көрсөткүч респонденттердин басымдуу бөлүгү министрликтин ишине төмөн баа берип, аны өлкөдөгү эң коррупциялашкан мамлекеттик орган деп эсептегендигинен улам түзүлдү.

## 6. МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР

«МКТ» чөйрөсүндөгү жалпы субиндекс 0,43 түздү, аны «төмөн маани» катары мүнөздөсө болот. Индекс төмөндөгөн, бирок 2017-жылдагы көрсөткүчкө (0,51) салыштырмалуу олуттуу эмес. Анда индекс орточо деңгээли менен топко киргизилген.

Бул чөйрөнү сүрөттөөдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларга (МКТ) жеткиликтүүлүк, көндүмдөргө окутуу жана канааттануу көрсөткүчтөрү колдонулган.

### МКТ тармагы үч секциядан турат:

1. МКТнын глобалдык жана эл аралык индекстери.

2. МКТны колдонуудагы мүмкүнчүлүктөр.
3. МКТга болгон керектөөлөр/муктаждыктар.
4. Ишке ашыруу механизмдери.
5. Канааттануу/Бакубатчылык.

## Глобалдык жана эл аралык индекстер

1-секция Кыргызстандагы МКТны өнүктүрүүнү жана электрондук өкмөттү өнүктүрүүнү өлчөйт. Эл аралык МКТны өнүктүрүү индексинин акыркы басылмасы 2017-жылы жарык көргөн. Анда биздин өлкө 4,37% көрсөткүч менен 109-орунда болгон. Көрсөткүч жеткиликтүүлүк, колдонуу жана МКТ көндүмдөрүнүн субиндекстерин камтыйт. Учурда индекс убактылуу токтотулган. Мунун бир себеби - маалыматтардын жетишсиздиги. Ошентип, Кыргызстан үчүн компьютери бар үй чарбалары боюнча маалыматтар жок; Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар үй чарбалары; өткөрүү жөндөмдүүлүгү; туруктуу кең тилкелүү жана интернет колдонуучулар.

